8
Тартиптүү тамактануу мүнөздү калыптайт



9
Гуанчжоуда кытайларды иштеткен кыргыз




# САРЕСЕП

11-февраль, 2016-жыл
№05 (38)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Заманбап экономика чаржайыт адамды андыйт

4-бетте



Ойлонулбаган мыйзам азгырыкпы?

5-бетте



Көмүскө жана көрүнөө Иран

12-бетте

## “Салам кат” салууга жай жок




6-бетте



# "Мегаком" мыкты салык төлөөчү наамын алды

Кыргыз Өкмөтүнүн мамлекеттик Салык кызматы эң мыкты салык төлөөчүлөрдү аныктады. Алардын катарында биринчилерден болуп "Альфа Телеком" жабык акционердик коому (ЖАК) кайра сатуу жана кызмат кылуу тармагындагы эң мыкты салык төлөөчү деп табылды.

"Мегаком" компаниясы бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандырууга кошкон алгылыктуу салымы үчүн Салык кызматы тарабынан сыйланды. Ошону менен ал 2015-жылкы ишмердүүлүгүндө салык мыйзамын ак ниеттүүлүк менен аткарган деп табылды.

"Ачык бюджет" мамлекеттик порталынын маалыматы боюнча, "Альфа Телеком" интернет кызматы айдыңындагы эң чоң салык төлөөчүлөрдүн сап башында турат. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мекемелеринин жана Ата мекендик интернет-провайдерлеринин ичинен бул ЖАКтын салык төлөө көрсөткүчү төрт жылдан бери эң жогорку деп саналып келүүдө. Биринчи жолу мындай наамды компания 2008-жылы алган. Интернет айдыңындагы лидер катары саналган "Мегаком" мобилдик операторуу 9 жылдан бери кыргызстандыктарга эл аралык стандарттагы менеджменттин сапатына шайкеш келген ыңгайлуу жана сапаттуу мобилдик байланышты тартуулап келет.




## АКШ Борбор Азияда "орустарга каршы" миллиондорду жумшамакчы

АКШнын Мамлекеттик департаменти жана "USAID" эл аралык өнүктүрүү агенттиги Борбордук Азия өлкөлөрүндө, Украинада, Грузияда жана Молдовада орус баскынчылыгына каршы аракет көрүү үчүн 952 млн. АКШ долларын сарптайт деп Американын сырткы саясаты боюнча ведомствосунун сайты билдирет. Белгиленген сумма АКШ бюджетинин 2017-жылынын каржы долбоорунда каралган. Бул каражаттарды көз карандысыз объективдүү маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, жемкорлук менен күрөшүү, мыйзамдуулукту камсыздоо, жарандык коомдорду бекемдөө, энергетикалык коопсуздук, каржы реформаларын, соода жана экономикалык диверсификацияны колдоо, айрым бир коргоо мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү үчүн коротуу сунушталган.

# Кыргызстан арам кекиртектерге 15,2 млрд. сомду жедирет

8-февраль күнү Мамлекеттик каттоо кызматында (МКК) IT-технологияларды колдонуу менен жемкорлукка каршы күрөшүү боюнча презентация болду. Мекеме башчысы Тайырбек Сарпашев коррупциялык системалар менен күрөшүү үчүн IT-технологияларды колдонуу мүмкүндүгү пайда болгонун белгиледи.

Анын айтымында, жемкорлук менен эффективдүү күрөшүү максатында элге кызмат сунуу автоматташтырылат. Толук автоматташтыруу мамлекеттик кызматтарды жарандарга ыңгайлаштырып, алардын убактысын үнөмдөйт.

Презентацияда Дүйнөлүк банктын жемкорлук боюнча акыркы иликтөөлөрүнүн жыйынтыгы мисал келтирилди. Иликтөө боюнча, дүйнөнүн ар бир мамлекети жемкорлуктан орточо эсеп менен Ички дүң өндүрүмүнүн 5 пайызынчалык жапа чегет. Кыргызстан арам кекиртектерге жылына 15,2 млрд. сом жедирет. Жемкорлуктун сазына малынган мекемелердин катарына тартип сактоо, мамлекеттик башкаруу, социалдык камсыздандыруу, саламаттыкты сактоо, элге билим берүү мекемелери кирет. Бул жалпы жемкорлукка кеткен каражаттын 84 пайызын түзөт. Башкача айтканда, аталган мекемелер акча менен эсептегенде мамлекетти жылына 12,7 млрд. сом зыянга учуратат.

МККнын адистеринин анализи боюнча каттоо кызматтарын максатка ылайык автоматташтырууга 24,5 млн. доллар жумшалса, кайра ал 500 пайыздык пайда берет. Башкача айтканда, 24,5 млн. доллар автоматташтырууга жумшалса, жыйынтыгында 132 млн. доллар арам тамактардын чөнтөгүнө түшпөй калат.



# Кыргызстан арзан сатууда

Кыргызстан да Франция сыяктуу агрардык, айыл-чарба өндүрүмдөрүн өндүрө турган өлкө. Бул тууралуу 10-февралда «Жаңы жибек жолу: тобокелчиликтин чоң ылдамдыгы» деген жалпы лекциянын учурунда Литва мамлекетинин Кыргыз Республикасындагы элчиси Витаутас Наудужас айтып берди. «Силер ит бекер саткан өндүрүмдөр Францияда кымбатыраак сатылат. Мунун айырмасы эмнеде? Дүйнөлүк экономика эч жакка тоголонуп кулап баратканы деле көрүнбөйт. Ал өз нугунда, өз агымы менен кадимкидей эле агып баратат. Көпчүлүк адамдар Жибек жолу менен Кыргызстанды башкача элестетип алышат. Мындай мотивация кайдан келип жатат. Бул жерде бир эле фактор учурда пайдалуу жагына жетелеши мүмкүн. Кыргызстандын айыл-чарбасынан сырткары туризм жаатында да чоң мүмкүнчүлүгү бар. Батыш телеканалдарынан Кыргыз Республикасынын өндүрүмдөрүн жергиликтүүлөрдүкүнө караганда сапаттуу кылып көрсөтүшөт. Алар жарнамаларды сапаттуу бере алышат. Батыштагылар Кыргызстандагы адамдарды билимдүү, жакшы ойлорго шыктанган, сапаттуу жашоого умтулган адамдар деп билишсе, Кыргыз мамлекетин бизнес үчүн жакшы шарттарды түзгөн, элине кызмат кылган мамлекет деп таанышат», – дейт.





## Архитектура кызматкерлерине кылмыш иши козголду

Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети Бишкек шаарында мыйзамсыз түрдө көп кабаттуу үй курууга уруксат берген деген негизде Башкы архитектуранын жооптуу кызматкерлерине кылмыш ишин козгоду.

УКМКдан кабарлашкандай, 2011-жылы Разаков көчөсүнө курулган 12 кабаттуу үйдүн документтери жең ичинен бүтүрүлгөнү аныкталды.

Соңку жылдары баш калаада курулуш көбөйүп, жаңы конуштарда жана шаардын чок ортосунда уруксаты жок, бала бакча, бейтапкана салынчу жерге курулган имараттар, тамдар арбын экенин адистер белгилеп жүрүшөт.

# Кыргызстан жарандары Орусияда көбөйүүдө

Орусиянын миграциялык кызматы (ФМК) РФнын аймагында жүргөн Борбордук Азиядан келген чет өлкөлүк жарандардын жалпы эсебин билдирди. Алардын айтымында, Кыргызстандан барган жарандар көбөйүп, Өзбекстан менен Тажикстандан келгендер азаюуда. Башкача айтканда, кыргыздар бир айдын ичинде 1,7 пайызга көбөйгөн. Былтыркы жылга караганда, 4,3 пайыз өсүш, мурдагы жылкыга караганда 7,2 пайыз өсүш байкалган.

Ал эми тажиктер өткөн айга салыштырмалуу 0,15 пайызга азайган. Эки жыл мурункуга салыштырмалуу 15,8 пайызга азайган. Орусиянын аймагында жашаган өзбек улутундагылар мурунку айга салыштырмалуу 1 пайызга, былтыркы жылга салыштырмалуу 18,4 пайызга азайышкан. Ошондой болсо да, Орусия аймагындагы өзбек жарандарынын санынын азайышы кыргыздар менен тажиктерге караганда көбүрөөк байкалат. Бирок баары бир булардын абсолюттук саны кыргыз менен тажикти кошкондон дагы арбындык кылат.




Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

Башкы редактор: Эсен Өмүракунов
Редколлегия: Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

Жооптуу редактор: Насыпбек Асанбаев
Кабарчылар: Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Түткүчева, Рахат Акматова

Пикир айтуу үчүн E-mail: saresepkg13@gmail.com
Медиа жана жарнама: Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

Дареги: Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
Тел.: (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
WWW.SARESEP.KG
Facebook: Саресеп гезити

Нускасы: 6500
Буйрутма № 274
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Алып кеткиле бешбармагыңарды

**Кыргыз өкмөтү эмне үчүн «Мегакомду» өзү иштете алган жок? Жылына 2 млрд. сомго жакын киреше берип жаткан ишкананы кимге сатуу керек?**




Өкмөт башчыбыз Темир Сариев баарыбыз шектенип, бирок ишене албай жаткан акыйкатты балп эткизди. Жогорку Кеңештин отурумунда ал «Мегакомдон» түшкөн киреше бул ишкананын өнүгүүсүнө эмес, бюджеттин жыртык-тешигин бүтөгөнгө кетип жатканын жар салды. Негизи бул компания атаандаштыкка чыдаш үчүн үзгүлтүксүз заманбап аспаптар менен жабдылып турушу керек. Бирок, антүүнүн ордуна, Темир Сариев айтмакчы, улам түшкөн акчаны жулуп кетип турушса, акыры барып аны да 1 долларга сатчу күн келмек. Ушундан улам, кесипкөйлөр Кыргыз Өкмөтү «Мегакомдун» куну артып турган кезинде сатканы туура деп жатышат. Болбосо, «Мегакомдун» башкаруусу, иштетип жаткан кызматкерлери атаандаштыкка чыдаганы менен жабдыктары эскиргенден эскирип отуруп, аягы сызга отурмак.

Ушул эле маалда Орусия да өзүнүн бакандай болгон ишканаларын менчикке сата баштаган. Себеби алардын бюджети бүгүнкү күнү куну кыйла эле түшүп кеткен мунай менен газга таянып келген. Мына эми ошол таянган көзүрлөрү да киреше бербей калган соң, орус өкмөтү лөк ишканаларынын акцияларын базарга алып чыгууга мажбур болду. Бирок орус жана дүйнөлүк серепчилердин айтымында кезектеги менчиктештирүүнүн майчучугу Орусиянын президентине жакын көпөстөргө тартылмакчы имиш. Мындай жоромолго Владимир Путиндин февралдын башында бул мамлекеттик ири ишканаларды башкарып келген көпөстөр менен жолугушуу маалындагы сөздөрү себеп болгон. Анда Орусия башчысынын «биринчиден ишканалардын акцияларынын көзөмөл пакеттери мамлекетте калышы керек, экинчиден сатып алчу фирмалар орусиялык болуусу зарыл жана сатып алуу үчүн мамлекеттик банктардан насыя берилбеши керек» деген талаптары серепчилерди таң калтырган. Алардын бирөөсү, "Экономикалык жогорку мектеп" борборунун директору Наталья Акиндинова Би-Би-Синин орус кызматына берген маегинде: "Бул менчиктештирүү "өз адамдар" үчүн болуп жатат деген коркунуч бар. Биз алардын гана ушул акцияларды сатып ала алганчалык бай адамдар экенине ишенсек болот", - деген.

Мына ушул Орусиялык менчиктештирүүгө карап туруп, биздин Өкмөттүн «Мегакомдун» 100% акциясын сатыкка чыгарып жатканына ыраазы болосуң. Себеби өзүн сыйлаган бир да ишкер өзү көзөмөлдөй албаган ишкананы сатып албайт. Андан да жакшысы, биздин абройлуу телекоммуникациялык ишкананын эл аралык сатыкка чыгып жатканында. Анткени, баштапкы баасы 250 млн. долларга бааланган ишкананы сатып алуу аламан байгесине бир да ички инвестор даяр эмес сыяктуу. Серепчилер болгону сатуу ишин да мындай ишканаларды сатып көнгөн эл аралык компанияларга бериш керек дешет. Себеби «Мегакомду» дүйнөлүк атаандашууда алдыда болуусун камсыздай алган компанияга сатуу керек жана сатылгандан кийин андай компанияны көзөмөлдөй алган команда керек дешет. Биздин улам алмаша берген өкмөт болсо бул иште өз напсисин тыя албаган конокко окшоп турат. Ал адамдын алдына буусу буркураган бешбармакты алып келишкенде жарылгыча жейт да, өзү тойсо да көзү тойбой, өзүн-өзү кармана албай турганынан улам "алып кеткилечи бешбармагыңарды, жарасыңарбы кишини" деген экен. Анын сыңарындай, «Мегакомго» окшоп улам бир өкмөттүн бүйүрүн кызытып, напсисин кытыгылаган, бирок канчалык кирешелүү болбосун так ошол напсилерден ашпай, мамлекетке пайда алып келе албай жаткан далай мамлекеттик мүлк бар. Алардын баары менчикке берилмейинче, азыркы "ары тартсаң чиновник ач калат, бери тартсаң ишкана өспөйт" деген таз кейпибизден алыс кете албайбыз.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Казактар бардык унаага коштоо киргизди



**"Марал" радиосунда ЖИА Бизнес Ассоциациясы менен биргеликте "Босого" аттуу тегерек стол өткөрүлүп "Кыргызстан жүк ташуучу компанияларынын эл аралык көйгөйлөрү" аттуу маселе талкууга алынды. Талкуунун жүрүшүндө аталган компаниялардын көйгөйлөрү жана андан чыгуунун жолдору тууралуу "Булак" эл аралык жүк ташуу фирмасынын ээси жана эксперт Айбек Сарыгуловго кайрылдык.**

Казакстандагы жүк ташуучу унааларды коштоо маселеси эмнеден келип чыкканын түшүнүп, ошого жараша туура чечимдерди чыгарсак жакшы болот эле. Казакстандын бажысы мындай деп жазып жатат. Орусиядан Казакстан аркылуу Кыргызстанга кирген унааларды Казакстан тааныбайм дегендиги үчүн ушул көйгөйлөр жаралып жатат дейт. Эми бул маселе эмнеден улам пайда болуп жатат?

Былтыр Орусия "TIR-карнеттен" чыккандыктан (TIR-карнет – эл аралык жүк ташуу келишими. Бул системага кирген өлкөлөрдөн жүктөр эч текшерүүсүз өткөрүлөт.) Грузиядан, же болбосо башка өлкөлөрдөн кирген унааларды камсыздандыруу менен өткөрчү. А Казакстан болсо "TIR-карнеттен" чыккан эмес. Ошондон улам Орусиядан "TIR-карнетсиз" чыккан унааларды Казакстан да "атайын коштоо менен өткөрөбүз" деп октябрда айткан. Мына ошондон улам бул маселе пайда болду. Бирок, алар Орусиядан кирген гана унааларды коштоо менен өткөрбөй, башка мамлекеттерден киргендерин да коштоого алып атпайбы. Актаудан киргендерине да ушуну кылып атышат.

Бул жерде маселени чечүүнүн 2 жолу бар. Мисалы, биз Өзбекстандан Казакстанга киргенде "TIR-карнет" менен кирип атабыз. Бирок, алар ошого карабай коштооого алып жатат. Ошондуктан "TIR-карнетке" ЭАЖТА (эларалык автомобилдик жүк ташуу ассоциациясы) кайрылуу жазыш керек. Себеби, TIR-карнетти бул жактан көзөмөлдөп туруучу мекеме ошол. Бирок, бүгүнкү күнү ЭАЖТАнын да үнү чыкпай жатат. "TIR-карнет" системасы менен Европадан, Түркиядан, Ирандан келаткан унааларды эмнеге коштоого алып жатасыңар?" деп жазышы керек эле. Бул биринчиси.

Экинчиси, эл аралык камсыздандыруу боюнча бул жактагы "Арсенал" ЖЧКсы Орусиядагы ПТС "Арсеналдын" алдындагы компания. Бирок "Арсенал" ЖЧКсынын бөлүмү Казакстанда жок болгондуктан эки компаниянын ортосундагы кирген-чыкканды алар тааныбай жатат. Мына ошону батыраак чечишибиз керек.

Андан сырткары, учурда Иран мамлекети эмбаргодон чыкты. Ошол себептен биз Иран менен сүйлөшүүнү кайрадан карап чыксак болмок. Себеби, Түркиядан Иран аркылуу өтчү жол бар. Азыр Түркиядан Орусия аркылуу өтчү жол жабылып жатпайбы. Ошондуктан Иран аркылуу өтүү төлөмдөрүн азайтып же жокко чыгарсак жакшы болот. Ошондой эле Өзбекстандан Кыргызстанга Тажикстан аркылуу өтпөй, түз өтүү маселесин чечиш керек. Мурун "Достук" бажы өткөөлү аркылуу киришчү. Эми канча жылдан бери ал жактан кире албай жатышат.

# Талон системасы көз боёмочулукту күчөттү

**«Жарым жылдай убакыт ЕАЭБ биримдигинин шарттарында жашап калдык. Салык кызматы өткөн жылды кандай жыйынтыктады?» -деген суроого Мамлекеттик салык кызматынын (МСК) төрагасынын орун басары Кумашов Кубанычбек Арстанбекович жооп берет.**

– Бюджет республикалык жана жергиликтүү болуп экиге бөлүнөт. Республикалык бюджетти 47 млрд. 335 млн. сом жыйнап толук аткардык. Бул 100,8 пайызды түздү. Ал эми жергиликтүү бюджеттерге 13 млрд. 596 млн. сом түшүп, 98 пайызга аткарылды. Жалпысынан болжолдонгондой жыйналганы менен, кээ бир аймактык салык органдары болжолдонгондон аз жыйнашты.

ЕАЭБге киргенден кийинки кошумча нарк жана акциздик салыктарды жыйноо усулу өзгөрдү. Бул эки салык импорт болуп кирген товарлардан алынчу. Булар боюнча салык төлөөчүлөргө жеңилдик берилди. Мурда бул салыктарды товарды чек арадан алып өтүп жатканда дароо төлөшчү. Азыр товарды киргизгенден кийин 20-50 күн ичинде төлөө мүмкүнчүлүгү берилди. Товарды киргизип, каалаяса сата берет. Мамлекет үчүн дароо толук төлөнгөнү ыңгайлуу болчу. Учурда ишкер чек арадан өтүп баратканда талон толтурат. Аны бир айдын ичинде Чек ара кызматы Салык кызматына өткөрүп берет. Ошол маалыматтардын негизинде салык төлөөчүлөр өздөрү келип салыгын төлөшөт. Төлөбөй койгондорду издеп, чара көрүшүбүз керек. Албетте бул кыйынчылыктарды жаратат. Салыкка абдан чоң терс таасирин берип жатат. Андан сырткары, башка мамлекеттерден келген товарлардын баасы өтө төмөн болгондуктан, биздин өндүрүүчүлөргө чоң зыян алып келип жатат. Ушундан улам биз Каржы полициясы менен биргеликте мониторинг жүргүздүк. "Чоң-Капка" постуна барганыбызда жүк ташыган унаалар чек арадан өтпөй Казакстан тарапта жыйыла баштаган. Биздин жумушчу топ кеткенден кийин, кайра өтө баштады. Талондордо туура эмес маалыматтарды берип жатышат. Жүктү 100 тонна алып кирсе, 20 тонна деп жазып, ундун баасы 20 сом болсо, аны 3 сом деп жазып коет. Мындай фактылар бар. Бирок, биз аларды издеп таап, Улуттук статистиканын маалыматынын негизинде, алардын тапкан пайдасына карап салык салып жатабыз.



# Заманбап экономика чаржайыт адамды аңдыйт

Салттуу экономика эски пайдубалга орногон. Ал боюнча биз чечимдерибизди программаланган машина сымал кабыл алабыз. Башкача айтканда, акылга жана эсепке таянабыз. Бирок биз инсанбыз. Баарыбыздын мүнөзүбүздө сезимталдуулук, ката кетирүү жана жалкоолук сыяктуу алсыз тараптарыбыз бар

### Кириш сөз же таксисттер

Таксисттердин олжого тунган жана куржалак калган күндөрү болот. Бул аба ырайына, жыл мезгилине жана шаардагы ар кандай окуяларга байланыштуу. Эгер алар дайыма эсеп-кысап жүргүзүп, ойлонуп жашаса олжолуу күндөрү эс оогонго иштеп, куржалак калчу маалдарда машинесин өчүрүп үйдө жатышмак. Бирок изилдөөлөргө караганда, натыйжа андай эмес. Көрсө, таксисттер теңирден тескери иш кылышат экен. Алар дайыма кайдан табылганы белгисиз «бүгүнкүгө жетет» деген ой менен үйүн көздөй бет алат. Нью-Йорк таксисттеринин жүрүм-туруму тууралуу чуулгандуу илимий ишинде белгилүү экономист Ричард Талер: «Алар тимеле белгилеп койгон күнүмдүк кирешеси бар сыяктуу, белгилүү сумма тапканга чейин гана иштешет», – деп таң калган. Бул адамдар дайыма эле ойлонуп жана эсеп-кысапка таянып иш кылбастыгынын далилдеринен. Тетирисинче, «эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө» дегендей, колго тийген акчага гана алымсынып, келечектеги чыгымдарга баш катыра бербейбиз. Турмуш койгон суроолорго суралганына жараша жооп берип, «карылыкка бир нерсе жыйыш керек эле», «сапаттуу тамактансак жакшы болот», «чылымды таштасам жыргайм» дейбиз, бирок адатта анын бирин да аягына чыгара аткарбайбыз.



### Идеалдуу керектөөчү жокко эсе

Экономисттер төрт тарабы төп келген акыл эстүү (homo sapiens) адам бар деп эсептешет. Ал өзүнүн тизгинин тарта билип, кирешеси менен чыгашаларын эсептеп, логикага жараша өзүмчүлдүк чечимдерин кабыл алат. Бирок чындап келгенде мунун баары ката экен. Заманбап «жүрүм-турум экономикасы» деген экономикада даанышман катары таанылган Р.Талердин айтымында, көпчүлүк адамдар өздөрүн жетишерлик көзөмөлдөй албайт. «Бизге пайдалуу экенин бөркүбүздөй билип турсак да, колдо турган мүмкүнчүлүктү карап отуруп өткөрүп жиберебиз. Кээде биз аңтарылганча тоюп алабыз, мас болобуз, же ашыкча чыгымдарга киребиз. Же мунун тетирисинче, спортко катышып, ашыкча үнөмдөп, азырак иштегенге аракет кылабыз», – дейт Талер.

Соода-сатыкка чыкканда да көбүбүз акыл-эсти колдонбогонубузду ашкерелейбиз. Экономика жаатында «Нобель» сыйлыгын алган Кристофер Симс: «Салттык экономикалык теория адам базарга аттанганда бардык товардын баасын билип, эмнени, кайсыл жерден, кантип сатып алыш керек экенине таянат. Бирок чын-чынына келгенде адам жөн эле каймак, чучук же таттуу алганы эле барат», – дейт. Ал оюн: «Жүрүм-турум экономикасы салттуу экономикадан айырмаланат. Мисалы биз телефон сатып алганда кимдин кандай телефону бар экенине жана коомдогу ордубузду эске аларыбызды айтат. Ошондуктан адамдын көбү муктаждыктарын жөнөкөй телефон деле камсыздап тура аларына карабай, айфон алганга жанталашат», – деп улаган.

Экономикада адамдын көбү өзүмчүлдүктөн да алыс болот. CERGE-EI институтунун кызматкери Михаил Бауэр: «Жүрүм-турум экономикасы салттуура караганда өзүмчүлдүктөн сырткары бир топ кеңири себептерди эске алат. Кан тапшыруу донору болуу чечими тууралуу жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр буга эң сонун далил. Салттуу экономика боюнча донорлорго акча төлөнө баштаса, кан тапшыргысы келгендер көбөйүүсү керек. Бирок турмуш тетирисин көргөздү. Кан тапшырууга эң негизги түрткү – кансыраган адамга жардам берүү. Аларга акча берилгенде бул сезим кирдеген сыяктуу болуп, кан тапшырууга каалоосу басаңдайт», – деген натыйжа чыгарган.

### «Гомо экономикус» эмес, инсан

Адам дайыма эле өзүмчүл боло бербестигин экономисттер небак эле баамдашкан. Экономиканын атасы делген Адам Смит чечим кабыл алууда психикабыз негизги шарттарга кирет деп эсептеген. Ал атагы чыккан «Элдердин байлыгы» деген эмгегинин жана «Адеп-ахлак сезимдеринин теориясы деген китептин ээси. Заманбап экономисттер анын биринчи эмес экинчи эмгегине көбүрөөк көңүл буруп турган кези.

Даниэл Канеман менен Амос Тверски «Келечек теориясы» деген эмгеги менен жүрүм-турум экономикасынын пайдубалын 1979-жылы биротоло түптөп чыккан. Алар бул жолу «адам эки белгисиз нерсенин кайсынысын тандап алат?» деген маселенин үстүндө ой жоруган. Канеман так ушул эмгегин улантканы үчүн 2002-жылы экономика боюнча «Нобель» сыйлыгын алган. Бирок, эки автор тең психолог болчу. Алар адам күтүүсүз жоготуу жана тобокелдиктен качаарын «бир долларды таап алуунун оң таасирине караганда, бир долларды жоготуунун терс таасири психикага 2,5 эсе катуу тиет» деген натыйжа менен далилдеп чыгышкан. Психологдордун баамдоосуна караганда, адамдын чечимине аргасыздан тобокелчилик кылуу гана эмес, тандоо варианттары кандай сунушталганы да таасир этет.

Буга Кинеман менен Тверски төмөнкүдөй мисал келтирген. Экспериментке катышкан адамдарга «Кошмо Штаттарда коркунучтуу ылаң жайылып, 600 адам өлүм алдында турган болот. Ушундан улам өкмөт оору менен күрөшүүнүн эки жолун сунуштап атат. Биринчи программа боюнча 200 адам аман калат. А экинчи программа кабыл алынса, 600 адамдын бардыгы аман каларына 30% ыктымал бар. Бир да адамды куткарууга болбосуна 60% ыктамал бар. Кайсынысын тандайсыңар?» – деген суроо коюлган. Адамдарын 72%ы 1-программаны тандашкан. Себеби, адамдар тобокелден коркуп, ачык-айкын тарапка качырышат.

Бирок, илимий иш аягына чыга элек болчу. Бул жолу Канеман менен Тверски суроону башкача койду. 1-программа боюнча 400 адам өлөт, 2-программа менен эч кимдин өлбөсүнө 30% ыктымал болуп, бардыгынын өлүп калуусуна 60% ыктымал бар деген маселе коюлган. «Аман калат» деген сөз «өлөт» дегенге алмаштырылгандыгы гана үчүн 78% адам экинчи вариантты тандап алышкан! Көрсө, адамдар эч кимдин өлбөшү үчүн,- кимдир бирөөнү куткарууга караганда көбүрөөк тобокелге барууга даяр экен. Анткени менен алар өздөрүнө кайсынысы ыңгайлуу экенин ойлонгусу да келген эмес.

### Бүгүнгө караганда эртең жакшыраак

Дагы бир таң калыштуу нерсе – адамдар эртеңки чоң кирешеге караганда бүгүнкү кичине кирешеге макул. Эгер кимдир бирөө аларга бүгүн 10 доллар берелиби, же эртең 11 доллар берелиби десе, көбү биринчи сунушту тандап алышат. Бирок, бир жылдан кийин 10 доллар аласыңбы, же бир жыл бир күндөн кийин 11 доллар аласыңбы дешсе, көпчүлүк экинчи вариантты тандашат. Мында экөөндө тең бир күн айырма каралган. Бирок бул учурда мөөнөттүн узактыгы чечүүчү маанигe ээ болуп калууда.

Гарварддын профессору Дэвид Лэйбсон жазгандай: «Адамдар бүгүнкү күнгө келгенде шашмалыкка, келечекке келгенде сабырдуулукка жакын. Эгер алардан бүгүн мөмө-жемиш каалайсыңбы, же шоколадбы деп сурасаң, көбү шоколадды тандашат. Бирок, бир жумадан кийин эмнени тандайт элең деп сурасаң, мөмө-чөмө деген жоопко кабыласың. Себеби, биз азыр шоколад, чылым жана болбогон кино тасмаларды каалайбыз, келечекте болсо көбүрөөк мөмө-жемиш жегенди, чылымды таштоону жана эң сапаттуу тасмаларды көрүүнү убада кыла беребиз».

Демек адамдар келечекти туура баамдай албаганынан улам шалаакылык кылышат. Биз келечекте жакшы натыйжага жеткирчү нерселердин эсебинен учурдагы каалообузга ашыкча каражат коротобуз. Ошондуктан адамдарда тамекини таштаганга да, арыктаганга да мүмкүнчүлүк болбойт. Бирок салттуу экономикалык теория боюнча мындай көйгөйлөргө жол берилбеши керек эле.

Көрсө, маалыматтын бардыгы ололу мээнин сезимдерди көзөмөлдөгөн тарабына келип түшөт экен. Ал жерде чечимдер оп-шоштук, белгилүүлүк жана учурдук негизде кабыл алынат. Ошондуктан мээнин бул тарабы көп маалыматты бир заматта талдап чыгууга жөндөмдүү. Илимпоздор мээнин сезимдерди камтыган тарабы ой жүгүртүү тарабына караганда мурун иштеп баштаганын аныкташкан. Ошондуктан көпчүлүктүн оюна каршы болууга аракет кылганда адамдын мээсинин мындай ойдон баш тартууга чакырган бөлүктөрү көбүрөөк иштей баштайт экен. Ошондой эле, бир нерселер тууралуу дароо чечим кылышы керек маалда мээнин башка бөлүмү, келечекке тиешелүү маселелерди ойлонгондо башка бөлүмү ишке киришет.

ЯН СОХОР (Jan Sochor)
Česká Pozice, Чехия

# Ойлонулбаган мыйзамбы же атайын азгырыкпы?

Акыркы кезде өкмөт сунуштаган бир нече мыйзам долбоору коомчулуктагы кайчы пикирден улам, бири четке кагылып жатса, экинчиси белгилүү мөөнөткө жылдырылууда



Сүрөт ▸ Azattyk

Анткени менен мындай схеманы өкмөт мүчөлөрү жетишкендик катары баалап, "бийликтин эл менен эсептешүүсү, коомдун пикирине көңүл кош карабагандыгы" деген пикирди байма-бай билдирип келүүдө. Ал тургай президент Алмазбек Атамбаев дагы жыл жыйынтыгын берип жатып, муну жакшылыктын белгиси катары санап, мамлекеттик органдар элдин мүдөөсүн угуп иш кылып жаткандыгын айтып сүйүнгөнүн жашырган эмес.

Бирок, өкмөттүн элди дүрбөлөңгө салган мындай кадамдары биринен сала экинчиси кайталанганы өтө деле жакшы көрүнүш эместей. Сунушталган мыйзам долбоорлору чийки, же такыр эле орунсуз экенине карапайым калктын акылы жетип турса, кантип эле көпчүлүктүн арасынан суурулуп чыгып, эл башкарам деп турган, баш мыйзамды ары-бери калчаган өкмөт мүчөлөрүнүн баамы жетпей калсын? Же мыйзамды сунуштоодон мурда аз да болсо алдын-ала сурамжылоо, анализдөө иштери жүргүзүлбөйбү? Мына ушундай суроолор учурда элди да, эксперттерди туңгуюк ойго салып, көпчүлүктүн кыжырын кайнатууда.

## Коом колдосо жакшы, колдобосо андан бетер сонун

**Коомдук активист Гулжигит Исаковдун** пикиринде бул өкмөт мүчөлөрү жүргүзгөн түркүн жүздүү саясаттын бири. Иштеп чыккан чала-бучук мыйзамын коом колдоп чыкса жакшы, колдобосо андан бетер сонун. Анткени элдин абалы бизди дагы ойлондурат дегенге жакшы жүйөө алдынан суурулуп чыгат.

– Бул маселени кабыргасынан коюп айта турган болсок, атка минерлери толук кандуу иштеген өлкөдө эл ишеним көрсөткөн адамдар, же саясатчылар ошол ишенимге таянып, ар бир чөйрөнүн адистери менен байма-бай кеңешип, ошонун негизинде элдин реалдуу жашоосун эске алган мыйзамдарды иштеп чыгып, коомчулукка сунат. Натыйжада, ансыз деле ал адамдарга ишеним



көрсөтүп турган эл, ал сунуштаган мыйзамды да колдоп берет. Бирок бул биздин азыркы акыбал менен такыр коошпойт. Анткени, мамлекет өзүнчө бир тайпада жашап атса, эл өзүнүн карапайым жашоосу менен алек. Элдин кызыкчылыгы эске алынбаган мыйзамдар иштелип аткандыгын эл билбейт деп божомолдошот. Чындыгында элдин арасында деле акылы бийик тайпа бар да. Качан ошолор айтып, эл көтөрүлүп чыккандан кийин булар эңсегенине жете албай калып атат. Бирок, булар ошол эле учурда башка жагынан утуп атат. Муну эл менен эсептешип атканына далил катары көргөзүп, өздөрүнө упай жазылып калсын дешет. "Мынакей, биз элдин оюн угуп мыйзамды артка кайтардык" деп бир канча жүздүү саясат жүргүзүп коюшат. Анткени менен эл улам-улам эле коомдук талкууга катышкысы келе бербейт да. Ал үчүн атайы ыйгарым укуктар берилген адистер отурат. Бүгүнкү күнү адис чөйрөсү менен бийликтегилер бири-бири менен жакшы ымалага келишип алгандыктан коомдун кызыкчылыгы корголбой калып атат. Тилекке каршы, ушундай көрүнүштөр болууда. Бирок муну убакыт менен утсак болот. Ушул багытта азыр коомдо ойгонуу бар. Себеби азыр маалымат доорундабыз. Демек бара-бара бийлик дагы өз каалаганын кыла албай калат, – дейт ал.

## Анализденбеген мыйзамдын убайын өкмөт дагы тартты

Элдин "пикетке" чыкпай тынчып калганы анын турмушуна ыраазы болгону деген кеп бар. Бирок бул жолу мындай ишенимди Теңир-Тоолуктар бир аз бузуп койгондой. Бул жолу нарындыктардын тынчын кезектеги чийки иштелип калган мыйзам долбоору алды. Дегеним, тоо шартында жашаган калктын жеңилдигин жойгон мыйзам тынч жаткан элдин көтөрүлүп чыгуусуна алып келди. Акыры бир-эки эл өкүлдөрү аймакка барып, теңир-тоолуктардын арыз муңун уккан соң жогорудагы мыйзамды кайра артка кайтарууга мажбур болду. Кийин өкмөт мыйзамда социалдык- экономикалык өнүгүү шарттары эске алынбай калганын моюнга алып, аны кайра баштан иштеп чыгууга жибергенин билдирди. Ошону менен алар өзүн дагы, элин дагы бир топ убайымга салганын моюнга алды.

> Кыргызстандагы жер титирөөлөрдүн 90 пайызы 3 балдан ашпаганын сейсмология институту билдирип жатат. Демек бул жабыр тарткан жаран камсыздандыруу каражатын оңой менен өндүрө албай турганын көрсөтүп жатпайбы

## Эки мыйзамды бирдей сунуп, бирин өткөргөн сонун тактика

Элдин элегинен өтпөй калган кийинки мыйзам долбоору турак жайды жана унааны милдеттүү камсыздандыруу болчу. Бу жолу өкмөт турак-жайды мамлекеттик, ал эми унааны жеке компанияларга бөлүштүргөн. Анда айтылгандай, жарандар унаасын убагында камсыздандырбаса, административдик айыппулга жыгылмак. Буга чейин өлкөдө саналуу гана камсыздандыруучу жеке компаниялар бар болчу. Мындай жарлыкты укканда, алар көктөн издегени жерден табылгандай алакан чаап кубанышкан. Бирок коомчулуктун катуу толкуусунан улам, айыппулга жыгуу 2018-жылга жылдырылып, камсыздандыруу иши милдеттүү эмес, эркин жүргүзүлүп каларын алар капарына да алышпаса керек. Анткени менен эл унаага салынчу айыппулду угуп, эртеңкисин элестетип эси ооп жатканда, турак-жайды камсыздандыруу мыйзамы кабыл алынып иштей



баштады. Ошого карабай, **камсыздандыруу ассоциациясынын төрайымы Асель Жамансариева** бул мыйзамдын дагы айланасында талашып тартышар маселе көп экендигин айтты. Маселен, анын айтымында жеке ишкерлердин укугу бузулуп, эл тандоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган.

– Мыйзамда "турак-жайларды камсыздоо иштерине мамлекеттик компания гана катышууга укуктуу" деп жазылган. Натыйжада бул иштен жеке компаниялар четтетилип калды. Андай болсо биздин да бере турган суроолорубуз бар. Эмне себептен эл тандоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылышы керек? Экинчиден, жеке ишкерлердин дагы укугу корголуп, тең укуктуулук болушу керек эмеспи. Мен муну мындай деп түшүнөм. Мамлекеттин мамлекеттик компанияны көтөрмөлөөгө мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, мамлекет өзү компания түзбөй, аны жеке ишкерлер түзгөнгө шарт түзүп бериши керек да. Андан сырткары, турак-жайларды милдеттү камсыздандыруу мыйзамындагы кээ бир пункттарды алсак, маселен "6 балдан ашкан жер титирөө катталганда гана камсыздандыруу каражаты төлөнүп берилет" деп турат. Бирок Кыргызстандагы жер титирөөлөрдүн 90 пайызы 3 балдан ашпаганын сейсмология институту билдирип жатат. Демек бул жабыр тарткан жаран камсыздандыруу каражатын оңой менен өндүрө албай турганын көрсөтүп жатпайбы, – дейт ал.

## Жеке компаниялар алиге даяр эмеспи?


"Кыргызинстрах" камсыздандыруу жеке компаниясынан билдиришкендей, унааны камсыздандырууга жеке компанияларды бирине дагы мамлекет атайын лицензия бере элек. Натыйжада, атайын уруксат кагазы ыйгарылмайын жеке компаниялар ишин баштай албайт. Бирок мыйзам мына-мына ишке киргени турат.

## Мамык отургучтар менен ийилчээк планшеттер ишти жакшыртмак беле?

Буга чейин парламент жалпы куну 2,5 млн. сомдон ашык мамлекеттин каражатына 120 кресло сатып алары тууралуу жарыя кылган. Бирок анын ертеси эле коомчулук Жогорку Кеңештин иш башкармалыгын түрдүү какшыктар менен жаадырып жиберген соң бул тендерди токтотууга мажбур болушкан. Мына ушул акыбалды көрүп-билип туруп эле, арадан көп өтпөй Каржы министрлиги 228 миң сомго эки планшет, 284 миң сомго 10 кресло сатып аларын айтып сайтына илген. Албетте, 114 миң сомдук планшеттерди эзели көрбөгөн көпчүлүк турган жеринен чуу салды. Акыры бул министрлик дагы аталган кадамдан баш тартууга мажбур болду. Ал эми Оруссиянын федералдык 1-канал, РТР каналдарына өзгөчө макам берүү тууралуу келишими дагы коомчулукту бир сыйра толкутуп барып, маданият жана маалымат министрлигинен келишим жокко чыгарылды деген билдирүүдөн соң тынчып калган. Бирок келишим жокко чыгарылгандыгы менен жашыруун түрдө кабыл алынат деген божомолдор айтылууда.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# "Салам кат" салууга жай жок




Өз колуң менен кагазга кат жазуу, аны салуу үчүн конверттин коозун тандоо, почтага жөнөткөн соң жообу качан келет деп, почтальон байкени күтүү союз маалын эскерткен көз ирмемдерден. Азыр борбордун айрым жерлеринде, айылдын эски тамдарында калган эскилиги жеткен почта кутучалары ошол убактарды эске салып турат. Анткени менен алар колдонуудан эбак чыкканына карабай дагы да болсо керек экенин тымызын билгизүүдө

## Интернет кутучаларын бош, почточуну ишсиз калтырды

Бадырайта "Сагынычтуу салам кат" деп тема коюп, почта кутучалары аркылуу кат жөнөтүү учурунда мода эле десек жаңылышпайбыз. Ошондой эле окууга тапшырсаң, айылдан кабар же болбосо жазылган газетаңдын кезектеги санын күтсөң дагы почта кутучаңды караар элең. Азыр болсо кат жөнөтүү, кат алуу илгерки союз маалына салыштырмалуу ыңгайлуу болгону менен, айрым мүчүлүштүктөрү бар. Интернеттин пайда болуусу бул кутучаларды бош, ал эми почточу байкени ишсиз калтырды.

Биринчи почта кутучалары колдонулганга чейин, адамдар почта кутучасы катары ар кандай буюмдарды колдонуп келишкен. Мисалы: мүшөктөрдү бактарга байлап, кат салуу үчүн дарактарды оюп коюшкан. Кийин 1852-жылы Англияда тарыхта эң биринчи почта кутучалары колдонууга берилген. Кыргызстанда электрондук почта 1994-жылдан баштап өнүгө баштаган. Мына ушул убакка чейин адамдар кадимки эле телеграф, почта кызматын колдонушкан.

## Почта кутусуз эл түйшөлүп келет

Бүгүнкү күндө почта аркылуу пенсия, жөлөкпул алып, гезиттерге жазылса жана коммуналдык төлөмдөрдү төлөсө болот. Ошондой эле интернет аркылуу сатып алган товарларды жеткирүү кызматын колдонууга да мүмкүн. Бирок убагында почта түйүндөрү менен почта кутучалары тыгыз байланышта болсо, азыркы тапта экөө эки ажырым жолго түшкөн. Почта кутучаларынын иштен чыгуусу заманбап почтачы байкелерди, тактап айтканда, курьерлерди жана турак-жай жашоочуларын бир топ эле түйшөлтүп келет. Гезиттер, брошюркалар менен булганган подъезддер, эшикке кыстарылган коммуналдык төлөм барактарынын жоголуп кетиши, үй ээси жок болсо почта аркылуу жиберилген буюмду берүү үчүн кайра эртеси келүү жана башка ушул сыяктуу көрүнүштөр почта кутучасынын азыр да болсо канчалык керек экенин көргөзүп тургандай.

Домкомубузга подъездибиздеги почта кутучаларын оңдоо сунушун киргизгенибизде "аны азыр эч ким колдонбойт, эгер кааласаңар өзүңөр оңдотуп алгыла деди" дейт Бишкек шаарындагы көп кабаттуу үйлөрдүн биринде жашаган Афанасья Сергеевна. "Деги эле почта кутучаларын кайрадан колдонуга киргизүү керек. Себеби, алар абдан ыңгайлуу. Коммуналдык дүмүрчөктөрдү, же кандайдыр бир башка нерселер болсо биздин батирдин номери жазылган кутучага салып коюп кете беришет эле. Орусияда азыркы тапка чейин почта кутучалары бар. Атүгүл алар жакшыртылып, заманбапташтырылган. Кыргызстанда болсо эшикке кыстарып, же полго таштап кетишет. Эгер бир-эки күн үйүңдө жок болуп калсаң, төлөм барактарың жоголуп да кетет. Ар кайсы жерге кыстарылган барактар таштанды болуп, айлана-чөйрөнү булгап да жатат," – дейт ал өз сөзүндө.

## Почточу үй ээси чыккыча күтүүсү керек

Атайын маалыматтарга ылайык, учурда почта аркылуу кат жөнөтүү саны өсүүдө. Буга кошумча өлкөбүздө гезиттердин көбөйүшү кыргыз почта кызматына дагы да болсо талап бар экенин көргөзүүдө. Бирок кезектеги гезитти жеткирүү үчүн почточу кыштын ызгаар, жаздын баткак күндөрүнө карабай, ар бир үйдүн эшигин каккылап, ээси чыккыча күтүүсү керек. Ал эми шаардагы көп кабаттуу үйлөргө гезит жеткирүү кыйынчылыктары айтпасак дагы түшүнүктүү болсо керек.

Гезит таркатып эмгектенген Өткүр мырза: "Ишибизге көп кабат үйлөрдө орнотулган домофондор тоскоол болот. Почта кутучаларын кайрадан орнотсо жакшы болот эле. Биздин ишибизди брондолгон эшиктер, домофондор оорлотуп коёт. Ошондуктан ар бир үйдүн сыртына почта кутучаларын батиринин номери менен орнотуп койсо жакшы болот эле. Кээде ушундай кыйналып барып, домофонун бассаң үйүңдө эч ким жок болуп калат. Үйүңдө киши жок болсо телефон чалууга, же болбосо кошунасынын эшигин тыкылдатууга туура келет. Эгер ошондойдо почта кутучасы болгондо салып коюп кете берет элек", – деди.

Күн-түн дебей кат салуу үчүн даярдалган почта кутучалары адамдарды бири-бири менен байланыштырган негизги нерселерден. Бул кутучалардын маанилүүлүгүн жоготконун анын өздүк майрамынын белгиленбей калышынан да баамдасак болот. Буга чейин 2-август дүйнө жүзү боюнча "почта кутучасынын күнү" катары майрамдалып келген. Азыркы тапта болсо анын туулган күнүн гана эмес, почта кутучасын кантип колдонуу керек экенин да унутуп койдук.

Учурда Түштүк Корея мамлекетинде окуп жаткан Нурсултан почта кызматын колдонгон элдин аздыгына карабай, кат жөнөтүү үчүн негизги көчөлөрдө почта кутучалары орнотулган дейт.

"Бул жакта чет элдик жаран үчүн кат жөнөтүү кыйын. Почта кутучалары, же почта кеңсеси кайда экенин билүү үчүн жашаган жериңден, же мейманканалардан сурооң керек. Себеби бул кутучалар шаардын негизги көчөлөрүндө гана орнотулган. Кат жөнөтүү үчүн почтадан конверт сатып аласың. Катыңды жазып бүтүп, адресин англис, же корей тилинде жазасың. Андан соң катыңды таразага тартасың. Себеби бул жакта каттын салмагына жараша акы төлөнөт. Анан аны көчөдөгү, же болбосо почтанын ичиндеги кутучага саласың. Башкаларды билбейм, бирок мен үчүн бул абдан ыңгайлуу. Эгер Кыргызстанда ар бир үйдө болбосо дагы, ушул мамлекеттегидей, негизги көчөлөргө почта кутучаларын орнотуп койсо ыңгайлуу болмок", – деди.

## Орусияда учурда 50 000 000 почта кутучасы колдонулат

Технологиянын өнүгүшү, интернет-революциянын өрчүшү почта кутучаларынын жок болуп кетишине себеп болду. Бирок айрым мамлекеттер мурунку көлөмү чоң, жасалгасы ары жупуну, ары жөнөкөй почта кутучаларын заманбапташтырып, жаңыдан иштеп чыгышты. Коддор, же атайын ачкычтар менен ачылган почта кутучаларын колдонуу жашоочулар үчүн ыңгайлуу болсо, аны иштеп чыгып жаткан ишкана үчүн кирешелүү булак.

- Орусия мамлекетинде учурда 50 млн. почта кутучасы колдонулат. Булардын теңинен көбү подъезддерде орнотулган. Ар бир колдонуучунун өзүнүн ачкычы бар.
- Америка почта кызматы дүйнөнүн эң чоң почта кызматтарынын катарына кирет. Жалпысынан бул жакта 546 000 кызматкер иштейт. Келген каттар компаниянын өздүк машиналары аркылуу таркатылат. Ар бир үйдүн эшигинин алдында, же короосунда почта кутучалары орнотулган. Америка почта кутучалары өзүнүн формасы менен да айырмаланат.
- Японияда почта кутучалары "Т" формасында жана кызыл түстө. Кутучалар шаардын негизги көчөлөрүндө жайгашылган. Заманбап почта кутучаларынын алдыңкы бети айнек болгондуктан кат салынганы, же салынбаганы почта кызматкери үчүн бат билинет. Ошондой эле Япония креативдүү өлкө болгондуктан, өзгөчө почта кутучаларын кездештирүүгө болот.
- Коңшулаш Казакстан мамлекетинде дагы учурда заманбап почта кутучалары колдонулат. Мындай кутучалардын бирөөсү 6000 теңгеден жогору бааланат. Алар борбордун көп кабаттуу үйлөрүндө орнотулган. Ошондой эле бул кутучаларды колдонууда атайын мыйзамдар иштелип чыккан.

Почта кутучасы бул маданияттын символу десек болот. Убагында шаар менен шаарды, айыл менен айылды байланыштырып турчу мындай ыкманын доорун өлкөбүз бүтүрүп койгону менен, өнүккөн мамлекеттер аларга жаңы дем берип, кайрадан колдоно баштады. Кептин кыскасы, бир топ ыңгайлуулуктарды алып келе турган почта кутучалары өлкөбүздө кайрадан колдонула баштаса жакшы жөрөлгө болмок.

**PS:** *Албетте бул кутучаларды мурункудай эмес, өз маданиятыбызга ылайыктуу кооздосок да болот. Мисалы, жер тамдардын алдында толук боз үй келбетиндеги почта кутулары болсо, почточу, же курьер таштай турган катын, эсеп дүмүрчөгүн, же гезит-журналын түндүгүнөн ылдый салмак дагы, үй ээси эшигин ачып алып алмак. Ал эми көп кабат үйлөрдүн кутулары жарым боз үй келбетинде болмок. Тагыраак айтканда, бир аз гана томпоюп чыгып турмак. Ал эми колдонуу ыкмасы жогоруда айтылгандай эле иштелмек. Андан сырткары, анын бетинин айнек болушун, эшиги чип менен ачылуусун, «түндүгү» кат салаарда ылдый ачылып, кайра өзү көтөрүлүп жабылып калуусун (суу кирбеш үчүн) усталар бат эле жасап коймок. Баса, бул кутулар көп кабаттуу үйлөрдө подъезддин ичинде эмес, сыртында турса жакшы болгудай...*

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ




Японияда почта кутучалары "Т" формасында жана кызыл түстө болот




Орусия




Казакстан




АКШда 546 000 почточу иштейт



Тайванда тайфундан кийин почта кутучалары кыйшайып калган

# Белгисиз 3 бала азгырып кетти

17 жаштагы Назбийке Кудайбердиева 29-январь күнү Жалал-Абад облусунун Көк-Жаңгак шаарынан Бишкекке качып келгени белгилүү болгон. Ал апасы, өгөй атасы жана эжеси үчөөлөп көгала кылып камчы менен сабаганын ММКлардын бирине билдирген. Учурда бул кыз Бишкектеги реабилитациялык борборлордун биринде дарыланып жатканын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин басма сөз кызматы билдирди. Ал эми Назбийке учурда ата-энесине барбасын айтууда.



## “Бир тоокко да жем керек”

Бул боюнча кайрылганыбызда ата-энесинен токмок жеп, качып чыккан Назбийкенин ден-соолугуна байланыштуу, өзү менен бетме-бет сүйлөшө алган жокпуз. Ошентсе да окурмандарыбыз үчүн анын буга чейинки ЖМКга берген маалыматтары менен бөлүшө кетсек:

“Өгөй эжемдин айынан өгөй атам мени сабачу. “Үйдөн чыгып кет! Бир тоокко да жем керек. Бизге керегиң жок!” – деп урушчу. Мен кечирим сурасам да кечирбейбиз деп үйдөн сүйрөп чыгып, эшикке чыгарып салышты. Эмне кыларымды билбей калдым. Мени кечке ура беришкенинен үйдөн качууга туура келди. Ошону менен башым оогон жака кетип калдым”, – дейт Назбийке.

## “Муунуп, же өзүмдү таштап өлүп алам” деп коркутчу

Ал эми Назбийкенин апасы Айнура Жаркынбаева кызын урбаганын жана аны 3 адам кандайдыр бир максат менен азгырып жатканын мындайча айтат: “Менин кызым кайсы таксиге түшүп кетти деп ар кайсы таксини токтотуп алып сурап жаттык. Ошол жерде авто турукта тургандардан да сурадык. Эгерде кызымды көгала кылып ура турган болсом эртеден бери аны менен ээрчишип жүрмөк белек? Таксисти тапкан жокпуз. Кызымдын айтканы менен жүрдүм. 12ге жакын ашканага кирип кичинекей балам жана кызым болуп тамактандык. Биз бул ашканага өзүбүздүн унаабыз менен баргандыз. Ашканага 100 метр жетпеген жерге унааны калтырганбыз. Тамактанып бүткөндөн кийин атасы менен кызым биринчи туруп кетти. Мен болсо акча төлөгөнү артта калгам. Ошол убакта жолдошум да ажатканага кирип кетиптир. Ошону менен ал чыккыча кичине баламды унаага отургузуп коюп качып кетиптир. Мен ошол замат милиция кызматкерлерине “силер таап берген кызымды дагы жоготуп алдым” деп чалдым. Мектептеги сумкам жана кийимдерим бир таксистте калды деп алдап, менден качып кетти. Кичинекей бала менен күнүгө Жалал-Абадды кыдырып жүрдүм. Ошол күндөн бери кызымды көргөн жокмун. Эми кызым ар кандай жалган маалыматтарды берип жатыптыр. Бишкекте жүргөн 3 баладан күмөндөнүп жатам. Кызымды ар кандай алдап, азгырып чакырып алышты. Интернетте ар кайсы сайттарда “биз тууганы болобуз” деп эсептик төлөм ачышып, “ушул кызга жардам көрсөткүлө” деп акча топтоп жатышат. Себеби, кызымдын паспорту менде болсо, 18ге чыга элек болсо өзү кантип эсеп төлөмүн ачмак эле? Тууганымын деп айтып жаткандары калп. Менин андай тууганым жок. Ошондой эле милиция кызматкерлерине да "3 баланы мен таанабайм. Булар менин туугандарым эмес" деп айткам. Кызым эми башкача сүйлөй баштады. “Ата, апа силердин мага керегиңер жок. Мен ошол байкеге кетем” деп коркутуп баштаганынан “сабагыңды окуп, 11-классты бүт” дегем.

## “Өз атасын өгөй дегенди бирөөлөр үйрөтүп жатат”

Буга чейин кызым жалаң бешке окучу, анан төрттөр аралашып баштаганынан сурасам, кызым унчуккан эмес. Телефон аркылуу жанагы балдар менен сүйлөшүп жүрдү. Алардын үнүн угуп жүргөм. Бош убактысы болсо эле жанагылар менен сүйлөшүп калчу. Кызым өз атасын өгөй деп айтып жатканына караганда, аны бирөөлөр бузуп, үйрөтүп жатышат. Буга чейин 3 жолу качканда да милицияга кабарлаган эмесмин. Анткени “милицияга кабарлашаңыз муунуп, же өзүмдү таштап өлүп аламын” деп коркутчу. Биринчи жолу 10-классты бүткөндө качып кетип, Оштон табылган. Экинчисинде борбор калаадан араң тапкам. Кийинкисинде жаш өспүрүмдөр менен иш алып барган инспекторлор таап беришкен. Бирок, арадан 3 күн өтпөй Назбийке кайрадан үйүнүн терезесинен аттап чыгып качып кеткен. Мен таап барган жерден тууганыңыз болобуз дегендерди мен таанабадым. Чоң кишилер чыкты. Кызым “эмнеге милиция алып келесиң?” деп мени ургулап жиберди да, чоң жолду көздөй качып кетти. Мен кызыман суранат элем. “Айланайын кызым, сени муштумдай кезиңен тартып багып жүрүп ушул даражага жеткирдим. Сени окутуп 16 жашка жеткиргеним үчүн күнөөлүүмүнбү? Кайсы адам менен жүрсөң дагы документиңди берейин. Кызым, көп адамдарды жаман акыбалга алып келип, дүйнө жүзүнө жаманатты кылып отурасың. Каякта болсоң дагы аман-эсен жүр, кызым. Ичиме баткан, сыртыма да батасың. Мени кечир, эмне кылсам дагы. Үйгө кел жашабасаң дагы. Башка адамдарга зыяның тийбесин кызым, эсиңе кел!” – деди апасы ыйламсырап.



Назбийкенин ата-энеси

## “Кызымды бирөөлөр коркутуп жатат”

Назбийкенин атасы Кудайберди Маматов өз кызы эмнеге өгөй деп жатканын түшүнө албасын айтып, бирөөлөр аны коркутуп жатышы мүмкүн деген ойдо. “Бул өз каным-дан жаралган өзүмдүн кызым. Аны бирөөлөр коркутуп жатат. Назбийкени эч тааный албай жатам. Эмнеге минтип айтып жатат, түшүнө албайм. Экинчи жолу качканда бейтааныш эркек чалып “тууганыңыз болом. Назбийке ишеничтүү адамдардын колунда” деген. Көңүлү жай албай чыркыраган апасы Бишкектин чет жагында жайгашкан жер үйдөн кызын таап келген” дейт ал.

## “Акыркы качканда гана оозеки кайрылган”

Жалал-Абад ОИИБнын басма сөз кызматынын ага инспектору Мыктыбек Турдубеков бул фактылар тууралуу буларга токтолду:

“Үч жолу качканда тең эч милицияга кайрылган эмес. Акыркы качканда гана оозеки кайрылган. Ошондо биздин кызматкерлер ыкчам чара көрүп, Жалал-Абаддан таап, каттоо китепчесине алганбыз. Анда ден-соолугу таптаза, жакшынакай кылып ата-энесине өткөрүп, түшүнүк кат алып бергенбиз”.

Учурда Назбийке Кудайбердиева Бишкектеги реабилитациялык борбордо дарыланып жатканын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин басма сөз кызматы билдирди. Ал эми Назбийке катуу шок абалына түшкөндүктөн, азыр аны менен психолог иш алып барууда.

## “Назбийкенин эмоционалдык абалы стабилдүү”

Ал эми кароосуз калган балдардын реабилитациялык борборунун психологу Айнура Суусамырбек кызы бул окуя тууралуу акыркы чечимди ата-энеси менен байланышмайынча чыгара албасын жана Назбийкенин учурдагы ден-соолугу тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди. “Учурда анын эмоционалдык абалы туруктуу, маанайы дагы жакшы. Бул кыз туугандары тарабынан физикалык зордукка кабылган. Анын баштапкы, бизге келгендеги абалы жакшы эмес болчу. Анткени денесинин баары көгала эле. Ал эми азыр денесиндеги көгала кете баштады. Назбийке азыркы тапта үйүнө барууну каалабайт. Кыздан мен атасы тууралуу үч-төрт жолу сурадым. Назбийке “Ооба, бул менин өзүмдүн атам. Бирок мага өз кызындай мамиле кылбайт жана тоготпойт” деди. Кыздын айтуусу боюнча, ага атасы жаман мамиле кылчу экен. Ошого карабай, кыздын ата-энесин көрмөйүнчө бул тууралуу акыркы жыйынтыкты айта албайбыз. Назбийке “Үйүмө барбайм. Ал жакка барсам кайра эле мурунку абалыма түшөм. Алар мени кайра уруп, урушуп, жаман мамиле жасай баштайт” дейт. Назбийке үйүнөн качып чыкканда Көк-Жаңгак жеринен Жалал-Абадка, андан кийин ал жактан Кара-Балтага келип жумуш издеп баштап, туугандары делген адамдардын үйүнө барып баш калкалаган. Ал адамдар бул кызды үйүнө жашатып, моралдык жана материалдык жардам көрсөтүшкөн. Эми ата-энеси менен байланышууга мүмкүнчүлүк болсо, алар менен да сүйлөшүп көрөбүз дейт психолог.

Ошону менен зар какшап ыйлаган ата-энеде “кызым кай жерде болсо да аман болсун” деп айтуудан башка арга калбагандай. Ал эми аны атасы урганбы, же башка бирөөлөрдүн кордугуна кабылганбы, бул жагын азырынча милиция кызматкерлери териштирүүдө. Назбийке болсо учурда ата-энесине баргысы келбей жатканын айтууда.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



# Тамактануу тартиби – жашоо мүнөзү

## Махмуд Абдулмомунов: "Туура тамактанууну үйрөнүү – бул чоң илим. Адамдар космоско кызыкпай, алгач өзүнө өмүр бою керек боло турган организмине кызыкса жакшы болмок"

Тамактануу адамдын дене-түзүлүшүнө, руханий дүйнөсүнө, кыймыл-аракетине, кулк-мүнөзүнө, айлана-чөйрөгө кылган мамилесине, деги эле бардык жашоосуна чоң таасирин тийгизет. Туура эмес тамактануунун натыйжасында бүгүнкү күнү ар түрдүү оорулар пайда болууда. Эмесе "Шыпаа Нур" дарылоо борборунун жетекчиси, 17 жылдан бери гирудотерапевт болуп иштеп келаткан дарыгер Махмуд Абдулмомуновдун туура тамактануу тууралуу пайдалуу кеңештерине көңүл бурсак...

### Өзү тууралуу учкай кеп

Таятам элди табигый жол менен дарылаган табып болгон. Кичинемден апам менен бирге жашап, таятамдын дарылоо ыкмаларын көрүп жүрүп ушул багытка аябай кызыгып калгам. Алгач Ташкентте окудум. Андан кийин Екатеринбургда гирудотерапия боюнча негизги курсту бүтүрдүм. Бул кесип менен иштей баштаганыма быйыл буюрса 17 жыл болот. Бишкекте 2008-жылдан бери ушул багытта иштейм. "Шыпаа-Нур" дарылоо борборун ачканыбызга 4 жыл болуп калды. Азыркы учурда ушул борбордо эмгектенип келем.

### Көпчүлүк оорулар туура эмес тамактануудан келип чыгат

Чындыгында көп оору туура эмес тамактануудан улам пайда болот. Мурун акылмандар "оору деген эмне?" деген суроого, "жегенин аш кылбай туруп, үстүнөн кайра тамак жеш" деп жооп берген экен. Мына ошондуктан оорулардын негизги себептеринин бири – сиңирүүнүн бүтүшүн күтпөй туруп, үстүнөн башка тамак жеш дегенди билдирет.

### Организмдин тамакты кабыл алышы тууралуу

Ар бир адамдын организми ар кандай. Эркек менен аялдын организми да ар түрдүү. Ошол организмге табигый нерселер аш боло турган система жаратылган. Бирок ашказан ооздон кирген ар бир тамакты аш кыла бербейт. Ал өзүнө керегинче алат да, калганын чыгарып салат. Тамактын ашказанда, ичегилерде сиңирилип боорго өтүшү да ар кандай болот. Организмге керектүүсүн боор ажыратып алып денеге берет, ал эми керексиз таштанды (шлак) катары калат. Адамдагы эң майда элементтердин пайда болгон абалын Авицена мижаз деп атаган. Ар кимдин өзүнө жараша мижазы (жеке организминин өзгөчөлүгү) болот. Эң алгач адам организмин жакшы үйрөнүп чыгып, ошого жараша тамакты тандап жеш керек. Мисалы, бир нерсе бардык адамдын организмине бирдей дал келе бербейт. Азыркы учурда жеке адамдын организмин үйрөнбөй туруп эле жалпы түрдө сунуштап коёт. Ал нерсе анын организмине жагабы, жакпайбы белгисиз. Мурунку табыптар адамды дарылоодон мурун анын жеке организмин үйрөнгөн жана ошого жараша табигый дарыларды сунуштаган. Ошол сунуштоо менен адам туура тамактанган. Адамдар космостун өзгөчөлүктөрүн үйрөнбөй, алгач өзүнө өмүр бою керек боло турган организмин үйрөнсө жакшы болмок. Аны үйрөнгөндөн кийин ар бир нерсени кабыл алуу режимин өзү оңой түзүп алат эле.

### Күн тартиби боюнча тамактануу

Эртең менен эрте турганда муздак суу ичүү пайдалуу. Анан 1-2 сааттан кийин жеңил тамактануу жакшы. Ал эми оор тамакты түшкү убакта жесе, мисалы, 11:00-14:00 ортосунда жесе тамак жакшы сиңирилет. Бирок адам бир күндө 450 гр тамак жесе жакшы жүрөт, ооруга да кабылбайт. Кечкисин болсо 18:00-19:00 гө чейин тамак жегени тартипке ылайык. Андан кийин желген тамак аш болбойт. Түндүн бир оокумуна чейин уктабаса дагы ал оңой сиңбейт.

### Сиңирүү системасынын эрежелери

Аш кылуу системасы белгилүү эрежелер менен иштейт. Бул эрежелер боюнча, 200-250 гр. өлчөмдөгү тамак ашказанда 3-4 саат, андан кийин ичке ичегилерге өтүп аш болот. Бул биринчи сиңирүү деп аталат. Тамактын түрүнө, өлчөмүнө жана салмагына карап, биринчи сиңирүү 6-10 саатка чейин уланат. Ашказандагы сиңирүү аяктай электе желген бир тиштем тамак да ашказандагы сиңирүү процессин бузат. Бул тиштем мурдагы тамак менен кагылышканда, ал аш боло электиги үчүн ачытып, чиритип баштайт. Натыйжада адам зарна болот. Ашказанда газ пайда болот жана курсак көбөт. Негизи, биринчи сиңирүү эмес, үчүнчү сиңирүүдөн кийин гана, т.а., азыктар кандан клеткаларга өткөндөн кийин гана башка тамак жесе болот. Туура тамактанууну үйрөнүү – бул чоң илим.

### Сууну кайсы учурларда ичүү керек

Эртең менен ойгонгондо эле суу ичүү ичегилерди жумшартып, пайдасын берет. Тамактан мурун ичем десеңиз, анда тамактын жыты келе электе ичиңиз. Анткени адамда азыкты аш кылуу үчүн шире ажырайт. Ашканадан ар кандай дабыш келгенден баштап ашказанда процесс башталат. Ошол учурда ичилген суу зыяндуу. Себеби ал пайда болгон ширелерди жокко чыгарат. Же болбосо тамактануудан 1-1,5 сааттан кийин ичсе пайдалуураак. Ансыз деле ошондой маалда дене сууга муктаждыкты сезет. Ошол учурда суу ичүү эң пайдалуу.

### Тамактанууда эң биринчи көңүл буруучу нерселер

Бүгүнкү күнү тамактануу тартибин көпчүлүк кармана бербейт. Тамактануу өзүнчө маданиятка айланып баратат. Андан алына турган пайда-зыянга көңүл бурулбай, экинчи орунга коюлууда. Биринчи орунга, сырткы көрүнүшүн, кооз жасалгасына карап, ошого жараша тандап жатышат. Негизи мындай сырты жалтырак тамактар эң зыяндуу.

Тамактын аш болуусунун башаты – анын жакшылап чайналышында. Жок дегенде 25-30 жолу чайналган тамак ашказанга 70-80% га чейин жеңилдик берет. Экинчиси, чайнап аткан учурда ооздон атайын ферменттер ажырайт. Бул ферменттер тамактын туура аш болушун камсыздап берет. Ошол эле учурда тамак менен сууну, же чайды кошо ичүү туура эмес. Себеби ооздо ажыралган ферменттерди жууп, ашказандан, ичегилерден өткөзүп салат. Бул нерсе тамактын аш болушун кыйындатат.

### "Организмим көнгөн. Түнкү 12де деле тамактана берем"

Мындай көнүп калууну – аргасыздан көнүү десек да болот. Организмди бир нерсеге мажбурлоонун акыбети жаман. Түндө тамактануу жакшы көрүнүш эмес. Кээде адам организм менен эсептешкенге аракет кылат. Канткенде да ал табигый нерсе болгондуктан, биз аны өзүбүздүн каалообузга жараша өзгөртө албайбыз. Болгону өзүбүздү организм көнүп калат деген шылтоо менен алдаган болобуз. Анын жыйынтыгы ар түрдүү ооруларды пайда кылат. Ал бир канча жылдардан кийин байкалат.

### Ачкалык качан байкалыш керек

Авиценанын китептеринде бул тууралуу жазылган. Биринчи ачкалык бул жалган ачкалык деп аталат. Организм бир нерсени каалайт. Ал учурда жебей койгон жакшы. Аны бербей койсо ачкалык өтүп кетет. Каалоо сезими жоголот. Андан кийин кыйла убакыт өтүп чыныгы ачкалык байкалат. Ич курулдай баштайт. Мына ошондо тамактануу – эң пайдалуу тамактануу.

### Адам тамактануу аркылуу гана күч-кубатка ээ болобу?

Канча көп жесең, ошончо кубат болот деген түшүнүк туура эмес. Адамдын денесин тикелеп турган тамак жетиштүү делет. Толтурулган нерселердин эң жаманы курсак. Ашказанды үчкө бөлүп тамактануу эң пайдалуу. Биринчи бөлүгүн суу, экинчисин тамак, үчүнчүсүн абага толтурса, адамдын дени сак, шамдагай, акылдуу болот. Качан ашказан бошоп, тамакка муктаждык жаралганда тамак жеш керек. Жеп аткан учурда табит ачылып кетсе тамактанууну токтотуу жакшы касиеттерге үйрөтөт. Кыргыздарда кекиргенде гана тойду деп эсептейт. Ал да туура эмес. Кекирүү – бул ашказандын үчүнчү бөлүгүндөгү абанын ордун да тамак менен толтуруу дегенди билдирет. Бул туура эмес тамактанууга кирет. Ашказан кыйналат.

### Тамактануу аркылуу дарылануу

Албетте тамактануу менен дарыланса болот. Мен муну көптөн бери сунуш кылып келатам. Дарылоо тамактары деп атаса да болот. Мында адам тамактануу менен дарыланат. Көпчүлүк эл ушуну түшүнбөй, "кантип эле тамактанып дарыланса болот?" дешет. Негизи ошентсе болот. Ибн Синанын китебинде дарылар деп бөлгөн нерсенин 85%ы жеп-ичe турган нерселер болгон. Китеп боюнча дарылоочу тамактардын жасалышы жана рецеби азыркыдан бир аз башкачараак. Мисалы, оор тамактарды жасоодо, анын сиңирилиши үчүн ар кандай кошулмаларды кошкон. Китептерден карасам, 100дөн ашык дарылоочу тамактар бар экен. Андайдан курсак да тоёт, даамы да жакшы, кубаттуулугу да бар, организмге пайдасы да көп. Чынында, тамак оорулардын түрлөрүнө жараша даярдалат. Салыштыра кетсек, 2 жолу ошол тамакты айтылгандай рецепт, тартип менен жасап ичсе, 2 ай дарыланып жатканга караганда жакшы жыйынтык берет.

Даярдаган АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# Гуанчжоуда кытайларды иштеткен кыргыз ишкери

Жаш кезинен эле соода тармагына аралашып, Казакстанда ишкерлик жаатында тажрыйба топтогон мекендешибиз Амир Закиров, учурда Кытайда ишкерлик менен алектенет. Ал Гуанчжоу шаарында "CHINA TRADE EXPERTS" ишканасынын башкы директору. Өзүнүн Кытайдагы ишмердиги тууралуу айтып берди



## "Гуанчжоуда 8 жылдан бери жашайм"

Кытайда бизнес ачканга чейин Алмата шаарында суу чыгарган компанияда коммерциялык директор болуп иштеп, тажрыйба топтогом. Кытай менен байланышым 2007-жылы башталган. Азыр 35 жаштамын жана 4 баланын атасымын. Кытай Эл Республикасынын Гуанчжоу шаарында 8 жылдан бери жашайм. 2007-жылы жубайым экөөбүз соода тармагына аралаша баштадык. Соодада жүрүп бир топ кыйынчылыктарды жеңдик жана кээ бир учурларда жеңилдик. Өзгөчө тил жана диний жактан бар топ кыйынчылыктар болду.

## "Орусия, Казакстан жана Кыргызстанга экспорттойбуз"

Кытайдан Кыргызстанга товар ташып жүрүп, бир катар тааныштарды таптым. Биздин ал жакта иш ачуубузга, Кытайда өндүрүлүп, Кыргызстанга келген товарлардын сапатынын төмөндүгү себеп болду. Ошондуктан биз каалаган сапатта товар өндүрүү максатында, Гуанчжоуда чакан ишкана ачтык. Башында бир-эки эле тигүү машинасы менен баштаган ишибиз, бара-бара чоңойду. Эң негизгиси, өзүбүздүн моделдерди өндүрө баштадык. Биздин цехте жаш балдардын кийимдери тигилет. Аны Казакстан, Орусия жана Кыргызстанга экспорттойбуз.

## Жумушчулардын 99%ы кытайлыктар

Гуанчжоудагы тигүү цехимде 150дөй адам иштетип келгем. Бирок учурдагы кризистин таасиринен улам, азыр ишканада 80дин тегерегинде жумушчу бар. Ал эми жумушчулардын дээрлик 99% кытайлык жарандар. Анткени жергиликтүү калкты ишке алуу сарамжалдуурак. Кыргызстандан Кытайга жумушчу алып баруу кымбатка турат жана виза, жол акы маселелерин чечүү түйшүктүү маселе. Бирок буга чейин Кыргызстандан келген 10-15ке жакын атайын адис биздин ишканада экспериментальдык цехте иштеген. Учурдагы кризиске байланыштуу эки эле кыргыз адисибиз бар.

## Чет элдик ишкерлерге жеңилдиктер көп

Кытайда ишкана ачуу үчүн чет элдик ишкерлерге, инвесторлорго жеңилдиктер жакшы каралган. Буга тийиштүү мыйзамдары да өтө так. Атайын агенттиктер чет элдиктер үчүн өзүнүн кеңештерин айтып, документ жагынан да кызмат көрсөтүшөт. Биздин ишканага да 3 жыл бою эч кандай салык салынган жок. Текшерүү да болбоду. Болгону эң төмөнкү төлөмдөрдү гана берип келгенбиз. Азыркы тапта кадимкидей эле мыйзам чегинде салык төлөп келебиз.

## "Кытайда жумушчулардын маянасы өстү"

Кытайда өндүрүштүк ишкана ачуу өтө пайдалуу экени жана жумушчу күчү арзанга турары көп жерде айтылып келет. Бирок, бул мурда ошондой болчу. Акыркы жылдары Кытайдын экономикасы өстү. Муну менен катар коммуналдык төлөмдөр кымбаттап, жумушчулардын да маяналары өсүүдө. Мындай шарттар биздеге да кыйынчылыктарды жаратпай койгон жок.

## "Тигүү цехтери профессионалдуу иш алып барбайт"

Ал эми Кыргызстандагы текстиль тармагында Түркия жана Кытайда өндүрүлгөн товарларды эле кайталап өндүрөт деген сын пикирлер көп айтылат. Айрыкча, Кыргызстандын өзүнө таандык стили жоктугу да бир топ наразычылыктарды жаратат. Мисалы, Италия, Франция сыяктуу өлкөлөр дүйнөдөгү мода, кийим индустриясында өз стили менен таанымал. Кыргызстандагы бул индустриянын өнүгүүсү жана өзгөчөлүгү тууралуу айтсам, Кыргызстандагы текстиль тармагынын фундаменти жакшы. Бирок азыркы заман талабына ылайык жаңы технологияларды Япониядан, Кытайдан же Кореядан болобу, айтор, сатып келүү зарыл. Албетте, ошого жараша күчтүү адистер да керек. Учурда КГУСТАда бул жаатта атайын бөлүм бар. Технолог, конструкторлор жана дизайнерлерди окутуп даярдашат. Бирок аларга жумуш жок. Бизде тигүү цехтери көп болгону менен, алар профессионалдуу иш алып барбайт. Деңгээли өтө төмөн. Өнүгүү жана эл аралык стандартка жетүү үчүн системалуу иш алып баруу абзел. Мисалы, конструкциясын түзүү, бычуу бөлмөлөрү өзүнчө болуп, баарын профессионалдуу деңгээлде аткаруу керек. Ошондо гана кыргыз стили же "Made in Kyrgyzstan" деген брендибиз пайда болот. ЕАЭБге киргенден берки кризистен улам текстиль тармагы аксап турат. Бирок мунун баары убактылуу. Убакыт өтүүсү менен тигүү тармагы кайра өнүгөт. Азыр кризис деп эле отура бербей, жаңы дизайндарды ойлоп таап, изденүүдөн талбаш керек.

## "Өкмөт бажы төлөмдөрүнө жеңилдик берсе..."

Мамлекет же өкмөткө кайрыларым, текстиль тармагын колдоого алуу үчүн бажы төлөмдөрүндө жеңилдик берсе жакшы болмок. Себеби кездемелер, тигүүчү машиналардын тетиктеринен бери сырттан келет. Ушундан улам аларды алып келүү иши кыргызстандык ишкерлерге кымбатка турууда. Жакында эле жаңы ишканаларга үч жылга чейин текшерүү болбой, жеңилдик берилет деген мыйзам жакшы жаңылык болду. Эми ошол иш жүзөгө ашса, ишкерлер үчүн чоң колдоо болот эле.

## "Кыргызстанга ишкана ачууну пландап жатам"

Азыр Кыргызстанда ишкана ачуу жолдорун карап жатам. Электр жарыгы, ижара ж.б чыгымдар бизде арзан. Фабрика ачууга өз өлкөбүздүн баардык шарты туура келет. Бир гана жумушчулардын адистиги боюнча көйгөй жаралабы деген ой бар. Кудайга шүгүр биздин Кытайдагы ишканабыз туруктуу иштейт. Натыйжа жаман эмес. Бирок өлкөмдө да иш баштасам деп кыялданам. Анткени ар бир жаран өзүнүн жерине салым кошушу керек. Менин оюмча кризиске карабай Кыргызстандын келечеги абдан кенен. Биздин жергебизде жаш, талантуу жана намыскөй ишкерлер да көп.

## "Кыргызстанга сагыныч..."

Кандай гана өнүккөн өлкө болбосун, баары туулуп өскөн Кыргызстаныма жетпейт. Айрыкча, жыл өткөн сайын мекен, ата-эне, бир тууганга болгон сагынычтар артып барат. Азыркы учурда менин үй-бүлөм Кыргызстанга кайтып келди. Балдарым чоңоюп, Бишкекте мектепте окушат. Менин пикиримде балдарды өзүбүздүн тилибиз, каада- салтыбыз жана динибизге ылайык тарбиялоо туура.

## "Окуум аягына чыккан жок"

Мен өзүм Москва районунда төрөлүп өстүм. Орус тилдүү мектепти аяктадым. Окууну аяктаган соң Бишкекке келип иштеп баштадым. Ата-энемдин суранычы менен жогорку окуу жайлардын бирине документ тапшырдым. Бирок, бир-эки курс окуган соң аны таштап салдым. Буга ишкерликке аралашып кеткеним себеп болду. Ошол кезде Казакстанга жумуш боюнча кетип калдым. Убагында Казакстандан Кыргызстанга товар ташып да иштегем. Ишкерликти өздөштүрүүмдө жашоодогу тажрыйбаларым көмөкчү болду. Ар кандай бизнес-тренингдерге да катышып жүрүп, бул тармакка толугу менен кирдим. Ачыгын айтканда окуум аягына чыккан жок.

## "Бир нерсеге жетүүдө жалкоо болбош керек"

Бир ишти баштардан мурда багытты туура тандоо маанилүү. Ошондой эле билим жана тажрыйба керек. Эң негизгиси аракет кылуу жана жалкоолуктан арылуу зарыл. Ошондо гана баштаган иштин үзүрүн көрөбүз.




ОРОЗГҮЛ АРСТАНОВА

# Урпактар унуткан устат – Нурмолдо

Алгач, колго калем алып бул макаланы жазышыбызга улуу акын Нурмолдонун адабий мурастары жана андагы айрым мисалдар менен соңку маалыматтардын ортосундагы зарыл тактоону талап кылган жагдайлар түрткү болду демекчибиз



Өзгөчө соңку мезгилдерде жарык көргөн айрым эмгектерде улуу акындын өмүр таржымалына байланыштуу Нурмолдо менен Жеңижок маселесин көрсөтүүгө болот. Соңку маалыматтарга таянсак, айрыкча журналист Калмурат Рыскулов менен белгилүү адабиятчы Советбек Байгазиевдердин эмгектеринде Жеңижок өтө терең урматтаган акындардын бири Нурмолдо Наркул уулу (1838–1920-жж.) экендиги баса көрсөтүлүп келет. Бул маалыматтарда Өтө Көкө уулу Нурмолдо Наркул уулун чоң акын, эскиче сабаты ачылган мударис, же шарият илими боюнча жогорку чекке – олуялык касиетке ээ болгондугу үчүн эле сыйлап, өтегине таазим кылбастан, өз устаты катары да кадырлап, анын диний жана табият илимдерин, эң башкысы – рухий-эстетикалык көрөңгөлөрүнүн алтынга алмашкыс нарк-насилин баарынан жогору коёт. Жеңижокту Жеңижок катары таанытып, ааламга акындык көзүн ачкан да Нурмолдонун таалим-тарбиясы, окуган дарстары экендигин Жеңижок өзү оозунан түшүрбөй айтчу экен. Анткени, айылдык молдодон кат-сабаты ачылган Жеңижок ырчы ошол убакта атак-даңкы айтылуу Фергана өрөөнүнө дайын болгон аксылык Кыргызбай молдо Наманган шаарына салган атактуу медреседен эки жыл билим алган. Ал жерде ошол эле аймактан чыккан көрүнүктүү мударистер, уламалар сабак бербей, бүтүндөй Орто Азия чөлкөмүнө таанымал илимпоздор, таланттуу адамдар дарс окуп, чоң илимий, маданий борборго айланган.

Жеңижок устаты Нурмолдодон жети түрдүү билим алып, эки жыл окуган. Андай жети түрдүү билимди ал заманда жогорку тепкичте турган окуу жайлар гана бере алган. Мына ушундан улам орошон төкмө, ойчул акын катары таанылган Жеңижоктун азыркы адамдарга албан-субан шык-жөндөм, бийик чыгармачылык таасир ыроологон алп дүйнөсү так ошондой улуу нукта, так ошондой бийик чен-өлчөмдө калыптанганын айтканыбыз алда канча жөндүү болмокчу. Демек, биз бүгүн суктанып, бир чети таң калган улуу төкмө, орошон ойдун ээси аталган атактуу Жеңижокту да бир кезде мугалим окутуп, устат тарбиялаганын көп этибарга албай келебиз.

*"Алиппени үйрөтүп,*
*Арабчаны сүйлөтүп,*
*Кат жаздырып көрдүңүз,*
*Кош-кош тамга сыздырып.*
*"Ажынаам" атугул,*
*Айтырдыңыз түз кирип.*
*Не десеңиз, ошону*
*Ниет кылдык биз билип.*
*Алдык кучтү үрөп да,*
*Ар кыл өзүн сүрөп да,*
*Аалымдыктын ушпасын",* – деп ырдап отурган жаш акынды өз устаты менен айтыштырып, аны "эл алдында сөзгө жыгып, жеңип кеткен, ошондон Өтө Жеңижок ырчы аталып, акындык чоң аброй тапкан" деп айтып жүргөнүбүз кайсыл фактыга, кандай эрежеге сыят? Акыркы жылдары жарык көргөн маалыматтарга таянсак, биздин буга чейинки айткан-дегенибиз, такталбаган макалалардан, бурмаланган китептерден алган жогоркудай такталбаган түшүнүктөр менен ой корутундусун чыгаруу бул өтө эле опурталдуу, анан калса, илимий олдоксон мамилеге жатарын моюнга алышыбыз керек. Андай болсо, анда жаңыдан элге үнү угулган жаш ырчы аталып, "жээн келгенче жети бөрү келсин" демекчи, таякелеринин колунда турганинына карабай өзүн эр ойлоп, беттеген жагынан кайтпай курчтук кылып, өзүн эркин сезген Жеңижок менен айтышып, андан жеңилип отурган Нурмолдо ким? Бул кадимки ойчул, агартуучу, акын, олуя, Жеңижоктун устаты Наркул уулу Нурмолдобу, же айрымдар айтып жүргөндөй, башка Нурмолдобу?

> Жеңижок менен айтышып, андан жеңилип отурган Нурмолдо ким? Бул кадимки ойчул, агартуучу, акын, олуя, Жеңижоктун устаты Наркул уулу Нурмолдобу, же айрымдар айтып жүргөндөй, башка Нурмолдобу?

Деги Нурмолдо өз шакирти Жеңижокко карай:

*"Чоң атаң Күсөй курч эле,*
*Чоо-жайды билген сырчы эле.*
*Молдо Кыргыз медресе*
*Окуган укмуш ырчы эле",* – деп эскерип отурушунан дайын болгондой, Жеңижоктун акындык өнөргө аралашып, илим-билимге умтулуусу да тегин жерден болбогон экен деген ой да туулбай койбойт.

Анткени менен сабатсыздык күч алган доордо айрым окуялар, фактылар чаташып, эл оозунан алынган маалыматтар орун алмашып айтылып калышы да мүмкүн. Муну айтып жатканыбыздын себеби, жогоруда мисал келтирилген Нурмолдо Наркул уулунун ырынан улам белгилүү болгондой, атактуу ырчы Жеңижоктун чоң атасы Күсөй да билимдүү, акын адам болуп, андагы элге белгилүү Намангандагы Молдо Кыргыз медресесинен окуган экен. Насип кайып демекчи, чоң атасы билим алган ыйык окуу жайдан арадан канча жыл өткөн соң небереси Өтө Көкө уулу да окуп, акын катары ата жолун улап отурат. Ошондон улам маалымат берген айрым адамдар чоң ата менен неберенин оозунан чыккан сөздөрүн, эсепсиз кумдай төгүлгөн ырларын, кээ бир адамдар менен болгон мамилелерин, айрыкча, айтыштарын чаташтырып айтып, азыркы муунду туюк түшүнүккө кабылтып отурабы деген ой да туулбай койбойт.

Улуу муундагы залкар акындардын соңку өкүлү катары арабызда жашап жүрүп, кечээ жакында эле аркы дүйнөгө сапар салган айтылуу төкмө Ысмайыл Борончиевдин жогоруда көрсөтүлгөн белгилүү чыгармасында Нурмолдо ырчы жөнүндө да маалымат берилип, анда:

*"Акындыгы зор экен,*
*Аккыялык Нурмолдо.*
*Аргендей үнү шаңкылдап,*
*Аксакалы жаркылдап,*
*Карыганда өттү дүйнөдөн",* – деп айтканына караганда, мындагы Нурмолдо өзүнүн туулуп, турук кылган жери боюнча алабукалык Наркул уулу Нурмолдо эмес, аккыялык Нурмолдо жөнүндө сөз болуп жаткандай туюлат. Чынында, сөз мында алабукалык Нурмолдо жөнүндө болууда. Ал эми атактуу акын жана комузчу Арстанбек Буйлаш уулу кадимки Нурмолдо (Наркул уулу) жөнүндө:

*"Адыгине Нурмолдо,*
*Аят сөзү бир жорго,*
*Сымбаты ашкан жан экен,*
*Шарияттан шар экен.*
*Сүйлөгөнү курч экен,*
*Кол жетпеген мүлк экен",* – деп жогору баа берген. Ал эми "өз шакиртинен жеңилип калган" деп бүгүнкү күнгө чейин тотукушча кайталап келаткан биз үчүн парадокс ушул: жезтаңдай акын Жеңижок устаты Нурмолдо Наркул уулунун акындык, инсандык беделинин канчалык экендигин билбесе, же билгиси келбесе, анда эч качан минтип ырдабас эле:

*"Ыргап колдо каламды,*
*Молдо кылып чыгарган*
*Караңгыдагы адамды.*
*Илимий жолго жетелеп,*
*Тай-тайлатып кадамды.*
*Түбөлүк кантип унутам*
*Нурмолдодой абамды?!"*

Мында "молдо" деген түшүнүк, өзүңүздөр баамдагандай, ыйык "Курандын" бир-эки сүрөөсүнүн ички маанисин өзү так ажыратып түшүнбөй, аны кургак жаттап, кайталаган илгерки "молдокелер" жөнүндө эмес, караңгыдан жарыкка кадам койгон, илим-билимге умтулган чыныгы интеллектуалдуу инсан жөнүндө сөз болууда. Демек, Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет сыяктуу залкар өнөр адамдарын өргө сүрөп, алардын өзүнүн кадимки бийик чыгармачылык сересине чыгуусуна рухий көрөңгө болуп берген устат-агартуучу Нурмолдо Наркул уулу шакирттеринин биринен, Жеңижоктон жеңилип калган деп тыянак чыгаруу азыркы илимий-чыгармачылык жагдайга коошпой калууда. Андай түшүнүктүн болушу да мүмкүн эмес. "Атамдай болгон устатым" деп ырдап, жолунан кыя өтпөгөн ("Пайгамбар мөөрүн көрсөткөн, Карматып калем оң колго. Илимий жолго жетелеп, Тай-тайлаткан Нурмолдо...") Жеңижоктун устаты Нурмолдо Наркул уулу Орто Азияны толук аралап, Үрүмчү, Кашкар, Казанга барып, ал тургай Индиянын Кашмир калаасында беш жыл жашап, өнөр, билим менен кошо көп тил үйрөнүп (Нурмолдо араб, перс ж. б. тилдерде эркин сүйлөп, ырдаган – автор), Мекке менен Мединага чейин жетип, турмуштук жана чыгармачылык жактан кыйла такшалган Нурмолдо шакиртинен жеңилиши акылга сыярлык көрүнүш эмес.

Ал тургай жаңыдан элге таанылып, азаптуу ала оорусунан элдик дарыгерлердин күчү менен айыккан, жеңи жок кемселчен бала ошол кезде олуя аталган улуу акын, шарият илими боюнча өз мезгилинин чыгаан адамы саналган кадимки Нурмолдого адаттан тышкары суроо салып, текеберлик көрсөтүүгө чамасы жетмек эмес. Ошондой болгон күндө да, андай көнүмүшкө айланган мазактуу суроолорго олуя акын атанган Нурмолдо биринчи жолу туш болуп, Жеңижоктой жаш ырчыны биринчи ирет көрүптүрбү?! Соңку мезгилдеги Нурмолдо ырчынын адабий мурастарынан маалым болгондой, шакирти жеңи чолок кемселчен жүргөндүктөн, Нурмолдо аны "жеңи жок бала" деп чакырчу экен. Ошондон улам Өтө ырчы "Жеңижок" атыгыптыр. Биз болсо эмдигиче эч нерсени элес албай, улуу акын Нурмолдону өз уулундай болгон Жеңижоктон жеңилген деп какшап келатабыз. Айрыкча "гүлдөгөн социализм" доорунда бир акынды башка бир акындан жогору же төмөн коюп, бирин демократ, элдик акын кылып көрсөтүп, экинчисин калкка, саясатка каршы ырдаган реакционер деп айтып келишкенин кантип жашырабыз? Экинчиден, көзү өткөн акын-ырчылардын адабий мурастарын эл оозунан жыйноо, жарыялоо ишинде да көңүлдү өйүгөн көп жагдайлар болуп келгенин жакшы билебиз. Өзгөчө "Өз короомдон кочкор саламын" деген түшүнүк менен кокту-колотко, уруу-урууга бөлүнүүнүн кесепетинен эл арасынан жыйналган адабий материалдарды каалагандай оңдоп-түзөө, биринин чапанын бирине кийгизүү сыяктуу өнөкөт оору менен ооруп келген "адис" жыйноочу-түзүүчүлөрүбүз да жок эмес экенин танууга болбойт. Болбосо,

*Изгилери адамдын,*
*Изин сезип ааламдын,*
*Түрүн көрүп пенденин,*
*Тамырын кармайт замандын.*
*Ажырымын көрсөткөй,*
*Жакшы менен жамандын.*
*Алып барар чегин аныктайт*
*Адымдаган кадамдын,* – деп, чоң философиялык ой-санаа менен жашаган Нурмолдо Наркул уулунун жүзү элге так өзүндөй таанылууга тийиш.

БАКЫТ БАЙМЫРЗАЕВ,
Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун доценти

# Малчы менен дыйкандын чатагы

Эки өспүрүм бармактай кезинен бирге өсүп, эгиз козудай бирге чоңоюшкан. Кошуналар алардын бири-бири менен урушканын эгерим көрүшкөн эмес.

Бир күнү эле кара басып, экөө мушташып кетсе болобу? Алардын мындай жоругуна тегеректеги элдин баары айран таң... Бири-бирине карышып калган колдорун арачыга түшкөндөр араң ажыратышты. "Жылан чакпай, жылкы теппей экөөңө эмне болду?" – дешти ишти териштирип киргендер. Оозуна кум салып алгансып экөө тең унчукпай дулдуюшат. Экөө тең иштин чоо-жайын айткысы келбей турду. Акыры жаалаган көпчүлүктөн айбыгыштыбы: "Сен айт, сен айт", – деп түрткүлөшүп калышты. Булардын жоругу тургандардын тынчын алып жиберди. Бирөөсү мойнунан байлаган иттей болуп, окуяны баштанаяк төкпөй-чачпай айтып бере баштады: "Экөөбүз суунун жээгиндеги кумда жакшынакай эле ойноп отурганбыз. Бир маалда эле досум чоңойсо бул жерге көп мал сатып алып, мал менен оокат кыларын айтты. Анда мен: сен андай кылба, мен чоңойсом, так эле ушул жерге эгин айдап дыйканчылык кылам. Сен бул жерге малыңды жайсаң, мен кайсыл түшүмдү алам? Экөөбүздүн достугубузга эмне болот? Сен мал бага турган болсоң, мына бул сызыктан ашпайсың, – деп кумдун ортосуна чийин сызып койдум. Досум буга тырчып, мени менен талашып-тартыша баштады. Ал: "Бул жерге биринчи мен ээлик кылбадым беле. Малды мен биринчи сатып албадым беле. Мал болгондон кийин кирет да.



Мен чек арада жинди немедей болуп чуркап, малдын алдын тосуп жүрө берет экем да, ээ", – деп чек арадан өтүп, менин аймагыма сандаган малынын сүрөтүн тартып жиберди. Мен анын малынын сүрөтүн кумдун үстүнөн алып, чек арадан ары ыргыта баштасам, ызаланып келип мага кол салды", – деди.

# Муш

Көп жылдан бери мектепте иштеп калган агай мугалимдер бөлмөсүн карай күндөлүк сабагынын планын бекиттирүүгө ашыгып келатты. Капыстан эле тестиер окуучулардын чаң-будуң түшүп ойноп жатканын көрүп, тынчытууга жөнөп калды. Так ошол маалда чалынып жыгылган окуучунун томугун кармап алып ыйлап жатканын көрдү. Мугалим баланы сооротуп, үстү-башын тазалап, кийимин кубүп, класына жиберди. Бул жакшы окуган окуучуну чалып жыккан баланы иликтеп таап, башка класска алып кирди. Негедир балдардын ызы-чуусун акыркы күндөрү көп жактырбай калган. Тентек кылган балдарды көрсө эле төбө чачы тик турат. Тентектиги үчүн тиги баланы аябай каарып урушуп, кантип бет талаштыра уруп жибергенин да байкабай калды. Кичинекей баланын кубатсыз, алсыз денеси мугалимдин соккусунан кийин шамалдан кийинки жалбырактай болуп термеле түштү. Сүт тиштеринин ордуна жаңыдан чыгып келе жаткан апакай тиштеринин түбүнөн кан атып, мугалимдин костюмуна чачырап кетти. Жети жашар баланы мынчалык катуу тарбиялап койгонуна ичинен кичине өкүнө түшсө да, өзүн жооткотуп: "Минтип тарбиялап койбосо, ашынып кетет", – деп ичинен өзүнчө корстон болуп койду. Түшүндүрүү иштерин бүткөндөн кийин партанын кырына таянып, турайын деп өйдө көтөрүлдү. Мугалим туруп бараткандa корккону нан тити-реп калган окуучу колун чөнтөгүнө салып жиберип, далбастап, жанталаша бир нерсе издеп жаткандай болду. Агай "класcташын чалып жыккан кара ниет кокус, маки-саки салып алып жүрбөсүн. Ызаланып кол салып жибереби", – деп обочолоп, аярлай калды. Акыры чыдабай тигинин аракетине каршылык кылайын деп обдулуп калганда окуучу чөнтөгүнөн таажеси сайып берген жүзаарчыны алып чыгып: "Агай, костюмуңузду кан кылып алдым. Тазалап берейин", – деди. Бул сөз мугалимдин жан дүйнөсүн бир заматта алай-дүлөй кылып, мууну жүгүнүн бошотту. Туура эмес тарбиялап алганын ошондо даана түшүнүп, айтаарга кеп таппай кайсалап калды.

Которгон ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ



# Кечирим

Поезд жер челчү кара букадай өкүрүп келип, кезектеги станцияга токтоду. Жүктөрүн көтөрүнгөн жүргүнчүлөр бош купелерге жайланышып, бири-бирине астыртан көз сала жайланышышты. Ошону менен поезд кайрадан ачуу чаңырып, бекеттен акырындап узап, ылдамдыгын арттыра баштады.

Так ушул поюз менен кеңири өлкөсүнүн чексиз мейкиндиктерин көрүүнү эңсеп, көп нерсеге ынтызарланган, сырткы өңүндө Ата Мекенге сагынычы арткандай түрү бар жаш жигит насип буюруп, алыстан келаткан жүргүнчүнүн жанына отуруп калды. Узун жолдо сапарлашың менен пикир алышып, эрмектешкенге не жетсин. Өзгөчө поездде.

– Кел, курдаш, таанышып отуралы. Менин атым Канимет. Эл-жерге кусалыгым артып, Кытайдан келатам. Ата-энемди, бир тууган, тели-теңтуштарымды көрбөгөнүмө далай жыл болду. Өз жериңдин касиети кандай сонун! Абасы, суусу, топурагы тим эле түшүңө кирет. – деп терезени мелтирей тиктеп келаткан алыбеттүү, москоол жигитке кол сунду.

– Арслан, – деди берки көңүлсүз.

– Кел эмесе, Арслан курдаш, Кытайдын базарлыгына кара, – деп Канимет үстөлдүн үстүн жайнатып жиберди.

– Маанайым жок, курдаш. Сен өзүң эле ала бер. Сыйыңа рахмат, – деди коңшусу бир нерсеге кыжалат болгондой.

– Мындайың жарабайт, Арслан тууганым. Мен чын дилимден чакырып отурам. Кел тамакка кара. Кытайдыкы десе ирээнжип атасыңбы. Бул ит жээр, бит жээр кытайдын тамагы деп чанба. Бардыгы натуралдуу, – деди жайдарылана.

– Билсең дос, мен түрмөдөн келатам. Үйгө барганда элдин жүзүн, айылдаштарымдын жүзүн кантип карайм? Уялганыман жерге кирип кетким келет. Өлөйүн десең жан таттуу, кирейин десең жер катуу болуп турган учур. Каргаша кырсык болуп, кокустан бирөөнүн канына забын кылып алгам. Ата-энемдин эл караган бетин жер караттым. Эми минтип мөөнөтүм бүтүп, үйгө бараткандагы кербезим.

– Ээ, курдаш, эр жигиттин башына нелер келип, нелер гана кетпейт. Эч сумсайбагын. Башыңды жогору көтөр.

– Бир кездерде мен да таалайым жанган, жаркылдаган жигит элем. Топ бузуп, эл алдында сүйлөгөн кебим бар эле. Эми момундай болуп жексур атандым. Бөөдө бирөөнүн убалына калдым. Балдарынын убалынан корком. Мүмкүнчүлүк болсо жашоону кайра баштагым келет. Түрмөдө отуруп чыкса эле жазасынан кутулду деп ойлошот кээ бирлер. Кайдагы?.. Мен Жараткандын жазасынан корком.

– Аның чын дечи. Бирок сен атаийн эмес, кокусунан өлтүрүп алдым дебедиңби?

– Анын несин айтасың? Акыр түбү колум булганды да. Канча жылдан бери ушул ой мээме тынчтык бербейт. Андан көрө өзүм өлүп жок болсом жакшы болмок.

– Кой, дос, сен антип көп эле өзүңдү ичтен жей бербе. Бу да болсо Кудайдын буйругу. Түрмөдөн сендей болуп ойлонуп,



өзүн абийир сотуна салып чыккан адамды биринчи жолу көрүшүм.

– Кыскасы менин таржымалым ошондой. Түрмөдөн чыгарда ата-энеме кат жазып жибергем. Эгер мени кечирген болсоңор, биздин айылдын тушундагы станциянын жанындагы жалгыз түп алмага ак жоолук байлап койгула дегем. Поезд улам арышын алып биздин станцияга жакындаган сайын жүрөгүм лакылдап, жаным чыгып кете жаздап баратам. Тигине, тоо боорундагы айыл көрүндү, көрдүңбү. Ошол биздин айыл. Мен ошол жалгыз түп алманы карагандан опкоолжуп турам. Кокус ак жоолук байланбай калабы дегенде мээм чыңалып кетип жатат, – деп көзүн чылк жумуп, терезени карагаа кайраты жетпей төмөн карады.

– Арслан, сен анчалык карагың келбей атса, кел мен эле карап берейин. Сен менин ордума отура тур. Мен эле карап бере коём азыр, – деп орун которуп ала коюшту. Ошону менен темир бука ачуу чаңырып келип, кезектеги станцияга жакындап калганда ыргагын жайлата баштады.

– Алма дегениң станциядагы элдин көптүгүнөн көрүнбөй жатат, курдаш.

– Анда ал алманы бирөө кыйып салган го? Станциянын эле тушунда болчу. Көрүнүктүү эле жерде, – деди эңкейген бойдон. Башы тизесине тийчүдөй чүнчүп, салбырап отуруп калган экен.

– Аа, мынакей, алмаңарды эми көрбөдүмбү. Шактарына байланган ак жоолуктун көбүнөн улам алма көрүнбөй калган турбайбы. Алманы тегеректеп поездди жардана карап турган эл жүргүнчүлөргө окшош эмес. Бирөөнү күткөндөй түрлөрү бар көп эл экен, – дегенде Арслан акырын башын өйдө көтөрдү. Көзүнөн аккан жашы сел болуп, буту тушалып, эси эңгиреп бараткансыды...

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ




# Көмүскө менен көрүнөөнү бирдей колдонгон Иран

Учурда дүйнөлүк геосаясаттын көңүлүн Кытайдан кем эмес бөлүп турган өлкө – Иран. Адамдык ресурстары жана экономикасы жагынан анча чоң эмес саналган бул мамлекет өзүнүн байыркы, салттуу дипломатиясы менен не деген ири өлкөлөрдүн күнү тууп, кайра батуусуна себеп болгон...

### Өзгөчө кырдаалдуу рахбар

Иран азыркы дүйнөлүк саясатта эң көп көңүл бурулган мамлекеттердин бири болуп турат. Бул Ирандын географиялык жайгашуусу, саясатынын тарыхы жана экономикалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу. Анын азыркы өзгөчө абалы 1979-жылы ишке ашкан «исламдык» деп аталган ыңкылапка тыгыз байланыштуу. Бул ыңкылапка чейин Иранды Пехлеви тукумунан чыгып келаткан падышачылык башкаруунун эки акыркы өкүлү Мухаммед Реза менен Мохаммед Мосаддык башкарган. Алар АКШ жана Англия менен жакындашып, динден оолак батышчыл саясат жүргүзүп келишкен. Ыңкылапка чейин ирандыктар маданияты, күнүмдүк жашоосу толугу менен батыштык баалуулуктарга сугарылган турмуш сүрүшкөн. Бирок ошол эле убакта байыркы улуттук тарыхы, шиит мазхабынын талаптарына жооп берген диний түшүнүктөгү интеллигенциясы да сакталып келген. Анткени менен батыштын жардамы аркылуу орногон пехлевилик башкаруу калың элдин көңүлүнөн толук орун ала алган эмес. Анын үстүнө экономикалык каатчылык, жаштар арасындагы жумушсуздуктун артуусунан улам динчилдер менен батыштык баалуулуктарга ыктаган топтордун арасында катуу тирешүү жогоруда айтылган ыңкылап менен аяктаган. Ушул учурдан баштап Иранда падышалык башкаруу аяктап, Иран Ислам Республикасынын (ИИР) түзүлгөндүгү жар салынган. 1979-жылдын 1-апрелинен баштап аятолла Хомейнинин теориясына негизделген өкмөтү жана парламенти бар президенттик башкарууга жакын, бирок анын да жогору жагында өкүмдарлык кылган рахбар аятоллалык макамы орногон өзгөчө модель түзүлгөн. Мамлекет башчысы болгон рахбар аятолланы аятоллалардын кеңеши шайлайт. Рахбар Ирандын куралдуу күчтөрүнүн башчысы, аскердик чалгындоо кызматынын жетекчиси. Ал мамлекеттин жалпы саясатын аныктайт, президенттик менен министрлер кабинетине жана парламентке аттангангандарга «батасын» берет. Мындан сырткары, соттордун төрагалары, полис менен аскер жетекчилигин жана Конституцияны коргоо кеңешинин 12 мүчөсүнүн алтоосун дайындайт.

Жалпы эл тарабынан шайланган президент бир топ укуктарга ээ болгону менен, тышкы жана ички саясатта жана ыңкылаптын баалуулуктарын жорууда белгилүү гана чектерге чейин бара алат.

### Иран дипломатиясынын ийкемдүүлүгү

1979-жылкы ыңкылаптан кийин Иран батыштан толугу менен жүз үйрүп, жадакалса, батышты шайтан, АКШны шайтандын башчысы деп атай баштаган. Азыркы Хасан Роуханиге чейин Махмуд Ахмадинежад президент болуп турган убакта Ирандын агрессиялык тарабы күчөп кеткен. Коомдо кыяматка жакын доор келди, дүйнөнүн ак жана кара күчтөрүнүн акыркы кармашы жакындады деген ойлор үстөмдүк кыла баштаган. Ахмединежаддын ушундай саясатынан улам бул өлкөгө чочуу менен караган мамлекеттер көбөйүп кеткен. Айрыкча, уранды байытып, өзөктүк электростанцияларды курабыз дегенинен улам бир кадам дагы тыштаса өзөктүк курал жасай алат деген ишеним жаралып, дүйнө коомчулугун аландата өзүнө караткан. Дүйнөнүн мен-мен деген чыгаан мамлекеттери колунан келишинче бөгөт коюу аракетинде болгонуна карабай Иран бул багытта өз аракетин уланта берди. Ошондон улам Иран экономикасына каршы мурда эле киргизилген чектөөлөр ого бетер күчөтүлүп, өлкө оор абалга кириптер болгон.

Чынында, Иран ички саясатында Батышты бардык жаман иштердин башаты катары жарыялап келген. Бирок «шайтан» деп атаган өлкөлөр менен тымызын сүйлөшүүлөрүн прагматикалык нуктан чыкпай туруп жүргүзө берген. Албетте, жалпысынан алганда замандап саясаттын натурасы ушундай. Бирок, кандай болгон учурда да, Иран дипломатиялык прагматизми менен өзгөчө айырмаланат. Ал кийин кызыкчылыгына жарап берчү өлкөлөр менен сүйлөшүүлөрдү эч басаңдатпай, ар тармактуу байланыштарын чыңап кете берген. Саясий араздашуулар күч алып турган учурларда да мунайды кайра иштетүү, нефтехимия, унаа чыгаруу, курулуш жана башка көптөгөн тармактарда батыш менен тыгыз байланышы бар ишканалар ишин уланта берген.

### 140 млрд. долларды эриткен Роухани

Махмуд Ахмадинежаддын эки жолку президенттик мөөнөтү бүткөн соң бийликке келген Хасан Роухани мамлекеттик ишканалардын бардык тепкичтерин басып өткөн, интеллектуалдык куржуну Батыш менен Чыгышты жакшы тааныган лидер экени билинди. Ал шайлоо учурунда да, кийин президенттигин аркалаган кезде да Батыш менен диалог кылуу аркылуу саясат жүргүзүүнү негиз кылып алган. Роуханинин диалогго негизделген саясаты ирандыктардын колдоосун тапты. Ушундай ички жана тышкы себептер тез эле мөмөсүн берип, жакында Иранга каршы киргизилген чектөөлөрдүн бардыгынын алынып салуусуна шарт түздү. Албетте бул жалгыз гана Роуханинин жеңиши эмес, анын командасынын жана айрыкча ирандыктардын көзгө көрүнбөгөн терендиктеги дипломатиялык аракеттеринин жемиши. Андан сырткары, тез глобалдашып бара жаткан дүйнөнөдөн эч жакка качып кутула албасы да бирден бир себептерден.

Ирандан эл аралык санкциялардын алынып салышы дүйнө серепчилеринин көңүл чордонунда турат. ИИР алдында ачылып жаткан мүмкүнчүлүктөр дүйнөнүн бүйүрүн кызытып турган кез. Буга чейин экспорттоп келген мунай жана баалуу металлдардан түшкөн 120-140 млрд. АКШ доллары тоңдурулуп турат деген да маалыматтар бар. Мына эми ушул каражаттын баарын эркин иштетүү мүмкүндүгү пайда болду. Дүйнөнүн бардык тарабына учак учурууга шарт түзүлдү. Албетте эң негизги утуш – мунайды кенен-кесири сатуу жолдору ачылды.

### Иран дин факторун алдыга чыгарбайт

Хасан Роухани мындай мүмкүнчүлүктөрдү жакшы пайдаланып, батыш өлкөлөргө зыяраттарын күчөттү. Мисалы Ватиканда Рим папасы менен жолукту. Ал жерде «диндердин душмандары орток, диндердин максаттары орток» деген сөздөр айтылды. Ошол эле саякатынын уландысында Эйрбастан 114 учак алуу келишимине кол коюлду. Учурда батышта ирандык, Иранда батыштык банктардын филиалдарын ачууга мүмкүнчүлүктөр пайда болуп атат. Роуханинин мындай аракеттери ирандыктардын глобалдуу диалогго жана кызматташууга ачык экенин билгизди.

Мунай маселесине келсек, Жакынкы Чыгышта шииттердин лидери Иран менен сунниилердин ири өлкөлөрүнүн бири болгон Сауд Аравиясы экөөнүн ортосунда эзелтен бери келе жаткан тирешүү бар. Мунун эң эле жакынкы көрсөткүчү Саудия мунайдын баасын көтөрбөөгө ниети бар экенин билгизгенде, Иран мунайдын азыркы кунун андан бетер түшүрүп, 30 доллар эмес, 15 долларга сатканга даяр экенин айтты. Эл аралык ЖМКларда кээ бир серепчилер мунай баасынын төмөндөөсүнөн улам кыйналып турган Орусияга Иран аркасынан канжар урду деп жазып чыгышты. Бирок түбөлүк өнөктөштүк эмес, түбөлүк кызыкчылыктар өкүм сүргөн эл аралык саясаттын нугунда бара жаткан Ирандын мындай прагматикалык чечимин Орусия да түшүнүү менен кабыл алгансыды. Себеби, Сириядагы Иран менен орустардын ортоктугу эч кандай үзгүлтүккө учурабай уланып келүүдө. Так ошол Сириядагы орустарга туура келбеген иштерге аралашса, даана аркадан бычак урган болот дешет серепчилер. Ирандын калкынын көбү шииттерден турган Азербайжан менен Армениянын араздашуусунда армяндар тарапты кармануусу да, ИИРдин тышкы саясатында диний фактор негизги орун ээлебегенин дагы бир жолу тастыктап турат. Башка мамлекеттер бирде болбосо бирде шашылыш чечим кабыл алып, өз кызыкчылыктарын аягына чейин коргой албаган жерде, Иран дипломатияда накта чебер экенин тастыктап келет.

### Кыргызстан жана Иран

Бардык мамлекеттер көңүл буруп, мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланалы деп жаткан учурда Кыргызстан Иран менен кызматташа алабы? Башка өнөктөштөрүбүз каражат жумшаганга кудурети жетпей калган ири долбоорлорго ирандык инвестицияларды тартсак болот. Экинчиден, Иранды биз өтө алыс эмес жайгашкан 80 миллион кардары бар базар катары да карап, экспортко аракет жасалуусу керек. Албетте, бизди эң кызыктырган нерсе бул Ирандын мунайы. Иран менен биздин ортобузда мунай сата алган башка мамлекеттер бар экенине карабай, алардын арзан жана сапаттуу мунайына аракет кылуубуз керек. Себеби бизде Казакстан аркылуу Азербайжандын мунайын алган тажрыйба бар деп серепчилер айтууда. Ошол сыяктуу эле, Ирандын мунайын сатып алып, аны казактардын Кыргызстанга жакынкы жердеги мунайына айырбаштасак болот. Дагы бир ирандыктардын дүйнөнү таң калтырып келген нерсеси бул нанотехнологиясынын жетишкендиктери. Бул тармакта да алар менен кызыктуу кызматташууга кирсек болот.

Бирок, Иран менен кызматташуу алдында бир-эки кооптуу факторду көңүлдөн чыгарбоо зарыл. Биринчиден ирандык ишканаларынын көбү мамлекеттик жана жарым мамлекеттик. Ошондуктан бюрократиясы ишмердүүлүгүнө чоң таасир берет. Экинчиден Иран менен алакаларды түзүүдө көмүскөлүүлүктөн толук качуу керек. Себеби Кыргызстан учурда Жакынкы Чыгыштагы Сауд Аравия сыяктуу ири араб мамлекеттери менен алака кылып келет. Ошого байланыштуу араб өнөктөштөрүбүзгө Иран менен экономикалык гана алакада болуп, анын саясаты менен диний идеологиясы бизди кызыктырбай турганын ишендирүүбүз зарыл.

ИСКЕНДЕР ОРМОН

# Эки буттап басып жүргөн инсан болууну жакшылап үйрөнсөк

"Элим барсыңбы?!" коомдук кайрымдуулук фондунун уюштуруусунун негизинде өткөн "Жакырчылыкты жоюнун жолдору" аттуу семинарда айтылган маңыздуу ойлорго назар оодарып, сиз да ой калчап көрүңүз




Рысбекова Жыпариса
Социалдык өнүгүү министрлигинин жөлөк пулдар боюнча башкармалыгынын башчысы

## Кыргызстанда социалдык жөлөк пулду 1,3%ы эле алат

Кыргызстан боюнча жакырчылык 2013-жылы 37% түзсө, 2014-жылы 30% түзгөн. Региондор боюнча карай турган болсок, Ысык-Көл, Талас шаарларында жакыр жашаган үй-бүлөлөр жокко эсе. Жакыр жашагандардын катарына Жалал-Абад шаарынан 521 миң адам, Бишкектен 165 миң адам катталган. Негизинен Кыргызстанда социалдык жөлөк пулду калктын 1,3%ы эле алат.

### Жөлөк пул ар бир балага 705 сомдон туура келет

Эгер бир адамдын тапкан кирешеси 810 сомдон аз болсо жана анын 16 жашка чейинки балдары болсо, анда ал үй-бүлө аз камсыз болгон үй-бүлөгө кирет. Экинчиси, пенсия алуу укугу жоктор, 18 жашка чейинки майып балдар жана тоголок жетимдер алышат.

Жөлөк пул ар бир балага 705 сомдон туура келет. Эгер үйүндө унаасы болсо, же 25 койдон, 3 уйдан ашык малы болсо, анда ага жөлөк пул төлөнбөйт.

Мындан сырткары, «жеңилдик акчалар» дегенибиз да бар. Бул акчалар согуш ардагерлерине, Ооган согушуна катышкандарга берилет.

### Майып баланын справкасы болуш керек

Социалдык жөлөк пулду алам деген адамдарда, сөзсүз түрдө жогорку шарттар болш керек. Жөлөк пулду алуу үчүн өзүнүн региондорундагы Айыл өкмөттөргө кайрылса болот. Ал жерден документтерди кандай толтуруу керектигин түшүндүрүп беришет. Эң негизгиси, баласы майып болсо, анын «майыптыгын» тастыктаган справкасы болуш керек.



Марс Ибраев
Кыргыз Ислам Университетинин проректору

## Негизгиси, сыноодон кантип өтөрүбүз маанилүү

Биринчиден баарыбыз Жаратандын пендеси экенибизди эстен чыгарбасак. Биз өзүбүздү өзүбүз жаратканыбыз жок. Байыбызга да, кедейибизге да, күчтүүбүзгө да, күчсүзүбүзгө да сыноо келет. Эң негизгиси ошол сыноодон кантип өткөнүбүздө. Сабырыбыз канчага чейин жетүүдө? Башка келген кыйынчылыкка канчалык туруштук берип жатабыз? Тагдырыбызга ыраазыбызбы, же нааразыбызбы? Бир даанышман «Адам баласы сууда сүзүүнү балыктардан да жакшы үйрөндү, асманда учууну куштардан да жакшы үйрөндү. Бирок, ушундан көрө жер бетинде эки буттап басып жүргөн инсан болууну жакшылап үйрөнүп алса жакшы болмок» деп айткан экен.

### Кааласам учуп кетем деп айталбайбыз

Баардык нерсе эрежелерге байланган. Ошондуктан биз эреже менен жашообуз керек. Кааласам асманга учуп кетем, кааласам жердин түбүнө кирип кетем деп айталбайбыз. Аны айтсак да аткара албайбыз. Эгер биз Ислам дини менен толук жашаганыбызда, мындай маселелер болмок эмес. Мисалы, динибизде «адалдан ырыскы таап, аз болсо да каниет кылып жаша» деген бар. Кээ бир инсандар Жараткандын ар кандай сыноосуна кабылат. Жумушу жок, анысы аз келгенсип ден-соолугу начар, анан ага үй-бүлөлүк кыйынчылыктар кошулат. Ошол учурда ал өзүн ыңгайсыз сезип, тагдырына нараазы болушу мүмкүн. Эгер андайда жанында жакшы адамдар болбосо, жүрөгүндө ыймандуы жок болсо, каниет кылуу ишеними болбосо, анда ал адам биротоло чөгүп, керек болсо өмүрүн кыюуга чейин барышы мүмкүн. Негизи Жаратткан берген жанды, Жаратткан өзү гана алышы керек.

### Жакшы нерселерди бат эле унутуп калабыз

Инсан деген өтө эле унутчаак келет. Жакшы нерселерди бат эле унутуп калабыз да, жаман нерселерди айтып чыгабыз. Негизи турмушта принцип кандай болуш керек? Принцип бул төмөндү карап жашоо. Ошондо гана сен Жараткандын берген нээматтарына канаат кылып жашайсың.

Эч качан жалгызмын деп ойлобоңуздар. Жаныңызда эч ким жок болсо да, Жаратуучу ар дайым сиз менен экенин билиңиз. Ошондуктан үмүттү үзбөй, ар дайым алдыга карап аракет кылып жашоо абзел.



Абдышүкүр Нарматов
уламалар кеңешинин төрагасы

## Тапканыбызга бирдик салып коротуп жатабыз

Биз азыр аз болсо да тапкан акчаларды туура колдонуп жатабызбы? Бир жигит «Устаз биздин дүкөндө эмне көп сатылат билесизби?» дейт. Күнүмдүк турмушта көп колдонулуучу нан, чай го десем, тигил «Жок, устаз, биз эң көп бирдик салабыз» дейт. Тапканыбызга бирдик салып, аны кайда коротуп жатабыз? Атаэнебиздин абалын сурадыкпы? Же жетимге чалып маанайын көтөрдүкпү? Жок. Кайдагы бекер сүйлөшүүлөр, болбогон нерселерди көрүү үчүн бирдик жүктөйбүз. Баардык нерсе кичинеден башталарын унутпасак.

### Ден-соолук башыбыздагы таажы

Ооруканаларга барсаңыз канчалаган адамдар төшөктөн туралбай, тамакты оозу менен эмес, түтүк менен ичип жатканын көрөсүз. Ошондо сиздин азыркы балдарыңызды жетелеп, эки бутуңуз аман-соо, өзүңүз басып жүргөнүңүзгө шүгүр кыласыз. Бул ден-соолук, ар бирибиздин башыбыздагы таажы экенин унутпасак.

### Жарым метр столдо жаткан Тажикстандык бала

10 жылдан бери Тажикистандык бир бала мага ватсап аркылуу суроолорун берип, пикир алышып турчубуз. Майып экендиги жөнүндө мурун айткан болчу. Ал мезгилде майып болсо таяк таянар, же көзү көрбөстүр деп ойлогом. Бир жолу Тажикстанга барып калдык. Апасы жети жолу телефон чалып келип кетүүмдү, баласынын кубанычын көргүсү келерин айтты. Убакыт таап, ал балага бардык. Барсак жарым метр столдо жатат. Колдору буралып калган. Көрүшөйүн десем, ошол жердеги аксакалдар акырын кармаңыз сынып калуусу мүмкүн дешти.

### Шүгүр кылсаңар эселете берем

Мына, ушундай турмушту кечирип жаткан адамдардын жанында биздин турмуш Кудайга шүгүр. «Эгер берилген нерсеге шүгүр кылсаңар эселентип берем, эгер шүгүр кылбасаңар анда катуу азабым бар» дейт Жаратканыбыз.

Бир даанышман: «Кимге Жаратканды эстей турган тил берилген болсо, шүгүр кылуучу жүрөк берилген болсо жана Жараткандын сыноосуна сабыр кылуучу дене берилген болсо, анда ага эки дүйнө бактылуулук берилиптир», – деп айткан экен.



Термечикова Чынара, психолог

## Эркектердин укугун унутта калтырып баратабыз

Турмуштагы оор көйгөйлөр адамдын жан дүйнөсүнө таасирин тийгизүүдө. Ал эми «Жан дүйнө жабыркайт» дегенибиз эмне? Жан дүйнөнүн жабыркоосу деп адамдын моралдык жактан зыянга кабылып, көкүрөгүндө турган нерсени башкаларга жеткире албоосун, же аны башкалар түшүнө албаган учур эсептелинет.

Үй-бүлөдөгү ынтымакты бекемдөө, сактап калуу бул учурдун талабы. Жакынкы жылдары «аял укугу» деп кыйкырып чыктык. Биз да иштешибиз керек, эркектер менен тең укуктуубуз дедик. Акыры, аял укугу деп жүрүп, эркектердин укугун унутта калтырып баратыппыз. Үй-бүлөдөгү атанын орду жоголуп бараткандай. Ата дегенибиз ким эле? Багыт берүүчү, кеңешин айтуучу, кадырлуу адам эмес беле?!

Экинчиден, балдарыбыздын тарбиясы да начарлап кетти. Буга эмне себеп болду? Жетишерлик көңүл буруу жок. Ата-энеси балдарын түшүнбөй, балдары ата-энесин түшүнбөй турган заманда жашап калдык.

### Ата-эне күчтүү болсо, бала да күчтүү болот

Ата-эне күчтүү болсо, демек бала да күчтүү болот. Үй-бүлөдө уруш-талаштын көптүгү, алардын баласынын да тартынчаак, коркок жана ийгиликсиз болуп чыгуусуна себеп болот. Турмуш канчалык оор болсо да, балдарыңардын бар экенин унутпагыла. Жараткан берди, төрөдүңөр эми алардын келечегин ойлонгула.

### Балдарыңыздын ар бир суроосун жоопсуз калтырбаңыз

Балдар дайыма силерге муктаж. Мисалы, бала жаңы төрөлгөндөн тартып силер менен сүйлөшүүнү, баарлашууну каалайт. Кичине болсо да ал баарлашууга муктаж экенин эсибизден чыгарбасак. Ошол убакта жакшы сөздөрдү айтып, эркелетүүң – алардын келечектеги ийгилиги. Кийин наристе курак өтүп, 4-5 жашка чыгат. Бул учурда балдар чөйрөнү кененирээк тааный баштайт. Жанындагы нерселердин эмне экенине кызыгып, көп суроолорду берет. Эгер колдон келсе балдарыңардын ар бир суроосун жоопсуз калтырбай, сураган нерсесин кенен түшүндүрүп бергенге аракет кылыңыздар. Андан кийин жеткинчек (9-12 жаш) курак башталат. Бул учурда аларда ролдук оюндарга кызыгуу күч алат. Башкача айтканда, атасы, апасы, баласы деп ойной баштайт. Андайда сен эмнени билмек элең деп тыйбай, кайра колдогонуңар дурус. Мектеп курагында чөйрөсүнөн да көп таасир алат. Ошол учурда чөйрөсүн туура тандоого жардам бергиле. Мектепти бүтөөрдө кесип тандоо боюнча, келечеги жөнүндө ойлоно баштайт.Бул учурда да сиздин жардамыңыз бала үчүн өтө маанилүү.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Садагасы, талакты гезит бетинен үйрөнбөйт



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1)Агам токко тартылып өлдү. Ошондо ал шейит кеткен болобу?**

**Жооп:** Кимде-ким "акыйкат дин баарынан жогору болсун" деп өлгөн болсо, ошол адам шейит кеткен болот. Ошондой эле, кырсыктан өлгөндөргө да ошондой сооп берилет деп да айтылат. Кандай болгон күндө да, агаңдын ыйманы саламат болсун. Негизгиси ыйман менен кеткенге аракет кылуу зарыл. Ар бир мүнөттө акыретке узообуз ыктымал. Андыктан дайым ыйман менен жүрүүнүн аракетинде бололу.

Кудай Таалам ыйык Куранда айтат:
*"Эй Момундар! Бир Алладан корккула!*
*Чын корккула, (жалгыз гана Ушундан,*
*Алыс болуп, арам ойдон бузулган.*
*Өмүр солку, жасап өтөөр иш азбы?)*
*Өлбөгүлө болбой туруп мусулман?!."*
*((Аалу Имраан: 102) Н. Алымбек)*

**2) Мектепти бүтсөң, врач болосуң дейт үйдөгүлөр. Мен Бишкектеги Көлмө медресесине тапшыргым келет. Бул жерде ата-энемдин айтканын кылайынбы, же илим алайынбы?**

**Жооп:** Эч бир ата-эне перзентине жамандык каалабайт. Ошол эле учурда мойнунан байланган ит ууга жарабайт деген да кеп бар. Ата-энең менен кеңеш, кеңешип кескен бармак оорубайт. Кеңешпей калсаң, төө кыядан өткөн соң, "оо" дегениң курусун. Менин пикиримде медресеге окусаң баарыңарга жакшы болот.

**3) Койдун көңүн сатса акчасы арам болбойбу?**

**Жооп:** Жер семирткич катары сатса, адатка каршы келбейт. Адатка каршы келбесе, ошол эле учурда шариатта да тыюу салынбаса, сатууга уруксат болуусу зарыл.

Имам Сиражуддин Оошийдин "аль Фатаава ас сираажиясынын» 416-бетинде мындай деп айтылат: "Мал байланган жердеги тезекти турган жеринен (чаппастан, омкорбостон) сатса болбойт. А бирок, аны топтоп (алып кетүүгө ылайыктап), андан соң сатса, шариатка туура келет".

**4) Эмран деген ат китепте барбы жана анын мааниси кандай? Алдын-ала чоң рахмат!**

**Жооп:** Ооба. Куранда Аалу Имраан деген бүтүндөй бир сүрөө бар. Эмран ошол Имраандын бир аз бузулуп айтылуусу.

**5) Менин жубайым Москвадан келип башка бирөө менен жүрүп кетиптир. Намаз оку десем болбойт. Кечирип кайра жашасам болобу?**

**Жооп:** Көнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы деген экен кеменгер эл. Анын сыңарындай, намаз окуганга көнбөсө, көнгөн жагына көмкөрүлүп кете берсе айлаң не болоор экен ыя, карагым!

Эми-и, карап көр, адашкандын айбы жок кайтып үйрүн тапкан соң делет. Көңүлүң тартса, көкүрөгүңдөгү кирди чайкап, кечирсең а деле жакшы. Аккан сууну чыбык менен чапкандан так калбайт эмеспи. Кечирсең кечирем дейт Жараткан Эгем.

**6) "Үч талак» дегенде гана талак түшөбү, же «талак, талак, талак» дегенде гана түшөбү?**

**Жооп:** Садагасы, талакты гезит бетинен үйрөнбөйт. Молдонун астына чөгөлөп олтурсаң, олтургандан тизең ооруп, жамбашың жооруса, андан кийин буюрса, илим алсаң фыкыхтан, келээр кезеги менен маселеси талактын.

Даааратсызга Куран карматпагандай эле, талактын маселесин илимге өзүн арнабаган адамга айтуу оңтойсуздук жаратат. Айтып койсоң ал сыяктуу жаранга, карапайым элдин жүзүн өзүнө каратат, айткан маселеси менен башты аңги-деңги айлантат.

**7) Чүкө ойноого болобу?**

**Жооп:** Болот. Зыяны тийбейт. Кумарга кирип кетсе, ойноого жол берилбейт. Сөөктөр жиндердин азыгы, аны менен истинжа кылууга болбойт. Истинжа кылбаса эле, жин аааламы капа болбойт. Зыяны да ушул себептен тийбейт.

Динибизде малдын (арам өлгөн малдын деле) сөөктөрүн, жүндөрүн, тарамыштарын сатса, колу менен кармаса болот. Эми сатса болсо, кармаса болсо, анда эмне үчүн ойногонго болбосун?! Баса, арам өлгөн малдын терисин ийлемейинче сатууга болбойт.

**8) Турмушка чыгарда баланын жеңеси, же эжелери кызды чечиндирип денесин, тулку-боюн көрсө болобу? Кийин жакпай калбаш үчүн.**

*Бишкек, Гүлбар.*

**Жооп:** Турмушка чыгаарда баланын апасы, жеңеси, же эжелери кыздын киндиги менен тизесинин аралыгынан башка жерин көрсө болот. Албетте ошол турмушка чыга турган кыз уруксат берсе. Уруксат бербеген учурда жылаңбаш абалында көрсө болот. Мынчалык болуп калгандан кийин, кыз деле кийин айнып кетпеси үчүн, кыздын атасы, агасы, же жездеси жигиттин келбетин, денесин көргүсү келсе, жигиттин киндиги менен тизесинен башка жерин жылаңач абалында көрсө болот. Колтуктарын жана оозун жыттап көрсө да болот. Кыз тарап да, жигит тарап да көргөндөрүн башка бирөөлөргө айта турган болсо, шариатта арам ишти аткарып, аманатты бузушкан болуп эсептелет.

**9) Баардык оору Алладан болобу?**

**Жооп:** Ооба, берекем! Тагдырдагы бардык жакшылык жана жамандык бир Алладан гана болот. Кудай Таалам ооруну пендесине сыноо үчүн жиберет. Акыреттеги даражасы бийик болсун, Кудай Тааламдын өзүнө жакын болсун, анча-мынча пендечилик кылып кетирген күнөөлөрү кечирилсин деп берет ооруну. Ооруган адам тагдырына ыраазы болуп, жазмышына наараazы болбой, колдон келген аракети менен даарылануусуга аракет кылса, кылганына береке болор.

**10) Атам жол кырсыгына учурап каза болду. Ошондо шейит кеткен болобу? Шейит кеткендер бейишке киреби?**

**Жооп:** Бул жөнүндө жогоруда айттык. Шейит кеткендер пендеге карызы болсо, албетте суракта жооп беришет. Алла Таалам менен болгон мамилесинде кандайдыр бир кемчилик кетиришкен болсо, аны Кудай Таалам өзү билет. Канткен менен шейиттиктин даражасы жогору, бейиштин жогорку макамдары насип болоор.

**11) Даааратта масх тартууну, же мурун чайкоону унутуп калсаң, даааратты башынан алуу туурабы, же ошол эле унуткан бөлүгүн алуу керекпи?**

**Жооп:** Бул учурларда даааратты кайра баштан алуунун кажети жок. Унуткан бөлүктү гана жууп, чайкап, же масх тартып коюу жетиштүү болот. Анткени тартиби, катары, удаама-удаа даарат алуу даааратын парздарына кирбейт. Булар сүннөт жана адеп болгондуктан, кийин аткарып коюу жетиштүү.

**12) Тумар тагынса болобу? Тумардын ичине арапча дубаларды салып жүрсө туурабы?**

*Ош, Аман.*

**Жооп:** Тумарды тагынгандан тагынбаган жакшыраак. Анткени тумарды таккан адам ушул тумар мени сактайт деген пикирде болсо, акыйдасына коркунуч келип калат.

Ал эми, мен тумарда катылган Кудайдын сөзүн сактап жүрөм, аны барктап жүрөм, Кудай Таалам мени сактасын десе, кээ бир аалымдар болот дешкени менен, аны менен даараатсыз жерге баскан болбойт, аны сактап жүрүү оголе машакат болот деп, акыр түбү такпай коюу жакшы дегенге келишкен. Мунун баары Куран аяттары жазылган тумарга тиешелүү.

Куран аяттарынан башка түшүнүксүз нерселер жазылса, же карышкырдын тырмагы сыяктуулар тагылса – анда ачык эле ширк болуп, адамды ыймандан чыгарат.

**13) Ата-энем кичине кезимде каза болгон. Мени апамдын сиңдиси чоңойтту, окутту дегендей. Бирок эч мээрим менен өстүргөн жок. Азыр ал жалгыз. Аны карооого мен милдеттүүмүнбү?**

**Жооп:** Чоңойткону, окутканы жетиштүү болбойбу сага?! Мээримди Кудай анын жүрөгүнө салбаса, ким мээримдүү болмок эле? Сени балдар үйүнө берип салганда, накта мээримсиз болот эле. Аны карооого аракет кыл. Адамдар итти деле күчү-кубатынан багышат. Ага караганда бул киши биринчиден адам, экинчиден апаңдын сиңдиси, үчүнчүдөн сени баккан жана төртүнчүдөн жалгыз калган кемпир экен. Ушул сага жетээр бекен? Жыйынтыгында ким мээримсиз болгону турат?

**14) Жолдошу аялына "сени менен жашабайм" десе талак түшкөн болобу?**

*Бишкек.*

**Жооп:** Талак маселесинде жубайлар чогуу келип кайрылышканда, толугураак жооп чыгат.

**15) Биз дүңүнөн мөмө-жемиш алып кайра аны сатабыз. Бизден сатып алган эжелер таразадан алдап сатышат. Ошондо биздин ал эжелерге сатканыбыз күнөө болбойбу?**

*Каракол, Мухаммедшариф.*

**Жооп:** Таразадан алдап сатkандар эч качан жарыбайт. Куранда «таразадан алдагандарга тозок болсун» дейт Кудай Таалам. Башка бирөөнүн алдаганы үчүн силер күнөөкөр болбойсуңар. Ошентсе да, аларга акыл-насаат айткандан тажаба да, чарчаба. Адегенде Алла Тааламды улуктап, Аны тааныт. Андан кийин Анын шариат динин тааныт. Акырында ал пенденин өзүн-өзүнө тааныт. Ошентип олтуруп ыйманга келсе, акыретиң абат болот.

**16) "Мусулмандын парасатынан корк" деген хадистин маанисин кененирээк айтып коёсуздарбы, мүмкүн болсо?**

**Жооп:** Берекем, бул хадисти Хаафиз Ибн Абдул Барр риваяттайт. Шейх Альбаaний хадисти "даьииф" деген менен, хадистин чыныгы даражасы "Хасан". Бул туурасында кеп узакка созулат. Бирок жыйынтыгында бул хадис "Хасан" хадис болуп эсептелет.

Хадистин тексти: "Момундун фарасатынан сактангыла! Анткени ал Алланын нуру менен карайт (көрөт)!"

Хадистин мааниси: Фараасат – сырткы кебете-кешпирдин (дене-бой, түс, ыраң, өң) акыбалдары аркылуу ички акыбалдарга далаалат табуу, далил келтирүү. Куранда, Бакара сүрөөсүнүн 273-аятында "аларды белгилеринен (алааматтарынан) билесиң" деп айтылганын эске алсак, бул бап терең экендигин байкайбыз.

Азирети Алий айтат: "Ким кандай нерсени ичине жашырбасын, тилинин булдуруктаганы менен жүзүнүн барактары аны ачып берет!".

Имам Ибнуль Асиир фараасатты экиге бөлөт: *1. Алла Таала өзүнүн сүйүктүү пенделеринин, олуяларынын көкүрөгүнө салып, пенделердин ой-туюмун окуп, ичиндеги пирин билип турушат. Бул Кудай Тааламдын сүйүктүү пендесине берген керемети болуп саналат.*

*2. Кулк-мүнөз, тажрыйба, дене-түзүлүш, далилдер аркылуу көкүрөгүндөгүнү көрүүгө далил табуу, ошол аркылуу үйрөнүү.*

Момундун фараасатынан сактан дегени, аны алдагандан алыс бол, анткени Кудай Таалам ага билдирип турат. Чын ниеттен, ак дилден сүйлөш деген маани-маңыз камтылган! Момундун жүрөгү Алла Тааланын нуру менен чулгангандыктан, ал ошол нур аркылуу баампарасаттуу болуу макамына илинет.

*Кантип фараасаттуу болобуз?*

Көп китеп окуу, илим алуу менен. Илим, илим алуу менен болот;

Алла Таалага көп таат-ибаадатта болуу. Момун Алла Тааланын нуру менен көрөт. Момундун фараасаты барлыгын Мухаммад пайгамбарыбыз алайхис салам кабар берди;

Аалымдар жана акыл-эстүүлөр, хикмат ээлери менен мажилистерде чогуу болуу;

Кудай Таалам баарыбызды баам-парасаттуу момундардан кылган болсун!.

**17) Көзү ачыктардын дубасы адамга таасир этеби?**

**Жооп:** Даарат менен пакиза жүргөндөргө, ыйманы бекем болгондорго, намаз менен жүргөндөргө алардын таасири тийбейт. Жиншайтандар менен иштешкендиктен көзү ачыктын бири калбай каапыр болуп, динден чыгат. Мусулман пендеси таңкы жана кечки зикирлерди такай айтып жүрүүсү милдет десек аша чапкандык болбойт.

**18) Шарияттын өкүмү боюнча кирди канча ирет чайкоо керек. Азыркы кир жуугуч машинасы шарияттын талабына жооп береби?**

**Жооп:** Кийимге жуккан нерсенин изи кетсе, анын жыты кетсе таза болуп эсептелет. Азыркы кир жуугуч машинелерге жуулган кийимди таза болот деп билебиз. Колдон келсе намаз окуй тургандардын кийимин өзүнчө, намаз окуй элек жаш балдардын кийимин өзүнчө жууган жакшыраак. Же заара тийген жаш балдардын кийимин бир ирет чайкап жиберип, андан соң жалпы кийимге кошсо, максатка ылайыктуураак болот.

**19) Чачты чогултуп жерге көмүш керекпи же ыргыта берсе болобу?**

**Жооп:** Чачты мүмкүнчүлүк болсо, жерге көмгөн жакшыраак. Ага мүмкүнчүлүк жок болсо, таштанды салчу кагазга салып, жалпы таштандыга кошсоңуз болот.

Бетти даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Бакстын башын жулуп келсең болмок

Кумурзстанда өзгөчө чуудулдар пайда болду. Башында күлдүрөт десе эле чанжырап ылдый-ылдый сого беришчү. Уялбай эле түндө эмне кылганын деле айтып, жыргап калышар эле. Ошолордун арасында бир бирдиги түгөнгөн чуудул бар. Бечара айтар кеби түгөнүп, күлдүрө албай калгандан бери ойчул болуп пыр жазып кеткен. Жазганда да жөн жазбай бирөөнү бирөөнө кайраштырып, бирөөнүн арына тийип, укулап-чукулап жазат экен. Кыскасы, ошолор кумурскаларды күлдүрөбүз деп чакырып алып, кайра бүлдүрүп кетиришиптир. Мына ошонун акыркы пыры Кумурзстанда катуу чыр жаратты. Себеби, ал ошол пыры менен баягы, илгерки Бакс тукумун кууп чыккандарга тийишкен имиш. Эмнеге тийишкени белгисиз? Же анын да Бакс тукумуна кудалыгы бар беле?. Кудалыгы бар беле дегеним, так ошол Бакс уяхан болуп турганында ургаачыдан ургаачы тандап жыргап эле калган. Деги Кумурзстан Кумурзстан болгону андай уяхан көргөн эмес. Алдынан чыкканды жалгыз жеп, андан ашканын укасы жеп, андан кийин акасы жеп, аларга кошулуп бала-чакасы, биринчи ургаачысы, экинчи ургаачысы, үчүнчү ургаачысы, утурумдук ургаачысы, өткөн ургаачысы, келе турган ургаачысы, ургаачысынын ургаачысы жеп отуруп, башкаларга эч нерсе калчу эмес. Мына ошол ургачыпозду кууп чыккандарга тийишип пыр жазып атпайбы тиги чуудул-муудул. Деги, чуудул жазган пыр дагы ушунча чуу чыгарат деп ким ойлоптур. Бул жакта канчалаган окуган-чокугандар жазып атса, эч ким унчукпайт да, так ушул чуудулдун пыры баарынын көңүлүн бурганы кызык... Көрсө, бир келесоонун ыргыткан ташын, кырк акылман чыгара албайт деген да ошол тура.

Кыпкыскасы, так ошол чуудулдун чыгарган пыры кайсы бир кыларга иши жок отурган данекбаштын башына тык дей түшөт. Чынында эле, ал муну кайдан укканы да таң калычтуу. «Чуудулдар пырдаган жерге бардың беле?» десе, «жок» дейт. «Чуудулдар менен байланышың барбы?» десе «жок» дейт. Же кайдан укканын айтпайт ачык. Кыскасы, күңк-мыңк деп сыр кылат да турат. Болдуболдоду бу данекбаш бул жакта толгон-токой маселе чечилбей жатса, баары түгөнүп калгансып так ошол чуудулдардын пырын тыңшап отурат окшойт. Андан көрө, чегирткенин сайраганын, эшек курттун айкырганын укса болмок кургур. Ушу азыркы чуудулдарга да убакыт коротобу, чиркин? Бирок, бу данекбашка эмне? Керээли кечке бош отурса. Жанындагылар калжырап ар кайсы тезекти жегенден башканы билбесе. Уккандыр да бош отуруп. Айласы кеткенде уккандыр да...



Кыппкыскасы, ошентип чуулдулдун пырына териккен данекбаш так секирип ыргып туруп ишке киришти. Башка башы чоңураак данекбаш болсо да балким тиги чуудулдар дымырап калат беле, же ычкырдан ылдый согуп көңүп алган немелер баары бир тийише берет беле, айтор, капкайдагы мадыра баш данекбаш тийишкенине чыдабай сес көрсөтүп сестендеп калышты. Айрыкча, Папылданын үтүрөндөгөнү бир укмуш. Гюмандор чуудул айтмакчы, та-та-та-та деп патыратып атат, патыратып атат. Саландаган эки бети чыдабай ысып кетти эле, нары жактагы карга чыз-чыз эткисе басып-басып алып, кайра патыратып атат, патыратып атат. Токтобой патыратты го чиркин. Токто дегенди билбейт экен. Билбейм дегенди да билбейт экен.

Кыппакыскасы, данекбашы да, чуудулу да бовой калыптыр. Андан көрө, ушу Кумурзстанда намыстуу бирөө болгондо ушунча адамды сыздатып, ушунча чырды баштап кеткен Кутурман бекти кайдан болсо да таап, башын жулуп келсе болмок. Илгери, так ушу кумурзстандыктардын бабалары ошондой эр болгон экен. Так ушундай кан төгүп качып кеткен кумурсканы Чайнадөндөн болсо да таап, башын жулуп келишчү имиш. А азыркылары негедир башкача. Бири кууп чыкса, бири куттуктап келет. Бирөө ыйлаган немеге, бирөө жыргайт. Капуста болсо болду да дегени бар. Сага жакпасам жабышпай ары отур дегени бар. Ары жок пыр жазса күлгөнү бар. Ары жок кеп-сөздү сүйгөнү бар. Мындан да кыскасын айтпай эле коёюн эми... Мындан кыскасы уят...

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

Бирок, кемпир аларга көңүл буруп да койгон жок. Мына кызык деген ушул. Ал көңүл бурмак тургай так ошол каршы-терши желелеп турган керебетке барды да, бир саам отуруп эс ала кетти. Андан кийин казанга барып кырында турган чоң жыгач чөөгүн менен толтура сорпо сузуп шыпкай ичти да, самсаалаган жеңи менен оозун аарчып, кайра керебетине барды. Ансыз да кычырап араң турган керебетке шак секирип чыгып оркойгон тизелерин бооруна басып, бүрүшө отурду. Анан жанагы ала келген китебин куржунунан сууруп чыгып, барактай баштады. Ар бир бетин бирден карап, сүрөттөрүнө үңүлүп, ал тургай колу менен чукуп көргүсү келгенсип тырмалап да коюп жатты. Албетте, кээ бир беттеги сүрөттөрдү такыр эле тааныган жок. Андайларга убакытын да короткусу келбегендей бат-бат эле өтүп кетти. А кээ бир сүрөттөргө болсо тим эле үзүлүп түшүп карап жатты. Мына, дагы бир бетин ачты. Ой, шумдуук, бул аябай жакын таанышы болсо керек. Ооба, айтпадым беле. Мастан кемпир ордунан тура калып, тээ тиги кепесинин тешигинен сызылып түшүп турган шоолага салып бир топко карады.

– Ошол. Так ошонун өзү турбайбы. Алда катыгын энекем ай, энекем! Деги сени көрөөр күнүм бар бекен? Энелик мээримиңе тойбой калдым го, чиркин... – деп кейип-кепчип жиберди бир маалда ал. Акыры, сагынычы күч алып чыдабай кеттиби ким билсин, көрүп аткан сүрөтүн өпкүлөп да жиберди.

Кыскасы, мастан кемпир жомок китепти көпкө чейин карап отурду. Бирде ыйлап, бирде күлүп отуруп көрдү баарын. А баса жанагы өлбөс Кощейдин сүрөтүн көргөндө боору эзилгиче күлдү го чиркин.

– Бу байкуш баягы Кошой го. Боорум ай, боорум! Убагында ушундай күчтүү, ушундай кыйын неме эле, эми муну минтип тыртайтып тартып койгонун карачы. Шуңшуйган башы менен көпкөк болгон көздөрүн эле окшоштуруптур. Калганы дегеле ага окшобойт. Өзү көрсө ачууланып жатып калмак. Ансыз деле ачуусу чукул неме эле.

Ушунтип жыргап отуруп эле бир маалда бышактап ыйлай баштады. Ооба, так ошол Кощейдин сүрөтүн карап отуруп да бир топко ыйлады.

Кыскасы, ошентип отуруп түн да кирди. Мастан кемпир жатаарында казандагы сорподон дагы бир чөөгүн жутту да, жанагы керебетине барып бүрүшүп жатты.

«Эми кандай кылсам?» деп ойлонду ал. «Бул китепте көп нерсе бар экен. Баарыбыз тууралуу айтылыптыр. Алты баштуу ажыдаар бар экен. Ыраматылык Кошой досум бар экен. Көк дөө бар экен. Сыйкырчы Сумакардын учкан килеми бар экен. Керек болсо менин энемдин да сүрөтүн тартышыптыр. Ал кургур жапжаш кезинде кете берди. Каардуу Каргал ага Эр Төштүктүн сырдуу өгөөсүн алып кел деди эле. Ошону менен кайтпай калбадыбы. Эмне болду, кайда кетти, белгисиз»

Энесин ойлогондо көзүнөн жашы куюлуп, дагы бир топко бышактады. Деги энесин сагынбаган, энесин ойлобогон жан болбойт тура, чиркин...

Мастандын диско-клубу

Ошону менен бир канча күн ойго батып, санааркап жүрө берди. Улам баягы китепти ачып барактап коёт. Караганда эмне, же окуганды билбесе, же сүрөттөрдү сыйкырлап жибере албаса. Ооба, ал сүрөттөрдү сыйкырлап сүйлөткөндү да билчү эмес. Мындайды илгери-илгери бир сыйкырчы чал билчү. Ошол үйрөтөйүн дегенде жалкоолонуп барбай койгон. Кап ошондо үйрөнүп алганда эмне?... Айла жок, китеп окуганды билген бирөөнү табыш керек. Бирок, кептин баары ушунда... Буга окшогон мастан кемпирлер, желмогуздар, жез тумшуктар, ал тургай сыйкырчылар бүт бойдон окуганды билишчү эмес. Алар убагында «Бизге окуунун кереги эмне? Биз китеп окубай эле жашайбыз» деп мактанышчу. Китеп окубаган, тамга таанымаган кандай жаман экенин кийин билишти. Адам баласы жалаң ошол окуунун арты менен эч бир сыйкырчы жетпеген ийгиликтерди жаратып, айга уча баштаганда, бул сыйкырчы-мастандар эски чириген кепелеринен чыга албай отуруп калышты. Акыры ичтери күйүп, көрө албай баратканда ар кимге барып шыбырап: «Окубагыла. Окуунун эмне кереги бар силерге» деп азгырчу болуп алышты. Эми антип азгыруу, көрүнбөй барып кулагына шыбырап кетүү алардын колунан келет эмеспи. Азыркы учурда алардын колунан башка эмне келмек эле... Айтмакчы, арабызда кээ бир китеп окубаган, ал тургай дегеле китеп кармагысы келбеген балдар бар эмеспи. Балким ошол балдар так ушул сыйкырчылардын, мастан кемпирлердин шыбыраганына аябай ишенип алышса керек. Мейли эми, ишенип жүрө беришсин. А биз аларды мындай коё туруп өзүбүздүн мастандын баянын улайлы.



***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Азыктар куржуну

Бул жумада Казакстандан келген тамак аш жана товарлардын арзандаганын байкадык, маселен, буга чейин 28-30 сомдон сатылып келген ундун баасы 24 сомго түшүп калган. Буну базардагылар казак теңгесинин куну түшүп кеткендигине байланыштырат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ун (жогорку сорт) 45 сом | Кой эти 220 сом | Пияз 15 сом | Сабиз 20 сом |
| Өсүмдүк майы 100-110 сом | Тооктун буту 105 сом | Кумшекер 55 сом | Картошка 15 сом |
| Күрүч 70-130 сом | Жумуртка (10 даана) 66 сом | Уй эти 320 сом | Алма 50 сом |
| Макарон 40 сом | Кесме 50 сом | Сүт (кутучада) 40 сом | Банан 90-120 сом |






## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР


600 орундуу тоок багуучу тор (сетка) сатылат. Бишкек шаарында. Баасы келишим түрдө.
тел.: 0700 001 665 0772 168 965

JACK тикмечи машина сатылат. Абалы жакшы. Келишим баада. 0773034903*0700924000

Офис ижарага берилет. Чарчы метри 10$. 150 чарчы метр. 5-кабатта. Манас - Токтогул. Адмирал БЦ, 4 бөлмө, 2 санузел, ар бир бөлмөдө кондиционер, борбордук жылуулук, бөлүнүп берилбейт. Ортомчусуз жана узак мөөнөткө. 0556 16 45 76

"Бактылуулуктун формуласы", "Чексиз нур", **"Риядус салихин"**, "Ыйманга чакыруунун жолдору", "Мусулман аялзаты үчүн зарыл китеп", "Чырпыктан чынарга", "Жаназа", **"Мастан кемпир"** ж.б сонун-сонун китептер. **Мунун баарын "Дил Азык" басма үйүнөн табасыз.**
Бишкек шаары, Медеров көчөсү 73.
0776501509 , 0706501509 ватсапп 0559501509

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. Дүң жана чекене баада. ЖЧК "Темир-Про"
0 553 77 33 58, 0 703 25 50 44
Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

Күмүштөн зер буюмдары дүң баада сатылат
**0 553 77 33 58**

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**
Байланыш телефону:
0 (703) 73 82 31

Улуттук авточехолдор! Бардык түрдөгү жеңил унааларга! Болгону 4500 сом! Whatsapp 0773477055


**"Ыйман" фонду «Калем жана ыйман» жыйнагынын экинчи китебине кире турган чыгармалар үчүн сынак жарыялайт.** Жыйнакка адеп, ыйман, мекенди сүйүү, мээрим, боорукердик, ынтымак, достук, ата-эне, улуура урмат, кичүүгө ызаат темаларын чагылдырган проза жана поэзия жанрындагы көркөм чыгармалар тандалып алынат.

**ЭСКЕРТҮҮ! Буга чейин китеп болуп чыкпаган жана жыйнактарда жарык көргөндөр кабыл алынбайт.**

Чыгармалар 2016-жылдын 1-мартына чейин кабыл алынат.

**Толук маалымат үчүн** Эркиндик бульвары 56 дарегине, же www.iyman.kg сайтына кайрылыңыз.
info@iyman.kg, adambololu@gmail.com
**Тел.: 0556625130, 0707272210**

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди «Саресеп» гезитине практикага чакырабыз. Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот.
Тел.: 0 703 73 82 31





